«БЕКИТИЛГЕН»
2026-жылдын 13-февралындагы № 06-ОД буйругу менен
ЖАК КК "Аманат" башкы директору
Умаралиев У.А.

Күтүүсүз кырсыктардан камсыздандыруу келишимин түзүү жөнүндө
Ачык оферта

Бишкек ш. 2026-жылдын 13-февралы

| АЧЫК ОФЕРТА ЖӨНҮНДӨ ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ (МЫНДАН АРЫ ТЕКСТ БОЮНЧА – ОФЕРТА) | |
|---|---|
| Оферта жасаган адам **(Камсыздандыруучу):** | "Аманат" Камсыздандыруу Компаниясы" Жабык акционердик коому<br>ИСН 02102202510322; ОКПО 33679797; МСКБ: 002 Бишкек шаарынын Ленин району боюнча.<br>Юридикалык дареги: Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Садырбаев көч., 1/10, 38.<br>Иш жүзүндөгү дареги: Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Коенкөзов көч., 119, 2-кабат.<br>Тел.: +996 (507) 80-77-87; +996 (704) 99-32-32<br>web: skamanat.kg; e-mail: office@skamanat.kg<br>Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө мамлекеттик кызматынын 2025-жылдын 14-апрелиндеги №5 лицензиясы. |
| Оферта даректелген жактар (Камсыздандырылуучулар): | |
| **Офертанын предмети жана акцепти:** | Бул Офертанын предмети болуп, Күтүүсүз кырсыктардан камсыздандыруу келишимин (Полис) түзүү жөнүндөгү сунушту кабыл алуу (акцептөө) болуп саналат, бул офертада ачылган шарттарга кошулуу жолу менен ишке ашырылат.<br>Бул Офертанын акцепти Камсыздандырылуучулар тарабынан берилген жеке маалыматтарды чогултууга, иштеп чыгууга жана сактоого толук макулдукту билдирет (№1 тиркеме). Өз кезегинде, "Аманат"КК ЖАК Камсыздандырылуучулар тарабынан берилген маалыматтарды үчүнчү жактардын жетүүсүнөн коргоону камсыз кылууга милдеттенет.<br>Бул Оферта Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык түзүлгөн жана Башкы директордун 2026-жылдын 13-февралындагы № 06-ОД буйругу менен бекитилген. |
| **Камсыздандыруу сертификатын чыгаруу:** | Камсыздандыруу сертификатында Камсыздандырылуучу жана/же Камсыздандырылган жак жана/же Пайда алуучу, камсыздандыруу мөөнөтү, камсыздандыруу суммасынын өлчөмү, төлөнүүчү камсыздандыруу сыйлыгынын өлчөмү, ошондой эле бул Офертага шилтеме тууралуу маалымат камтылууга тийиш. Камсыздандырылуучу камсыздандыруу сертификатынын түп нускасын кагаз жана/же электрондук түрдө Камсыздандыруучудан же Камсыздандыруучунун ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнөн чыгарылган учурдан тартып алат.<br>Бул Оферта Камсыздандыруучунун кызматкерлери жана Камсыздандыруучунун ыйгарым укуктуу өкүлдөрү тарабынан кагаз жана/же электрондук түрдө таратылат, ошондой эле Камсыздандыруучунун расмий интернет ресурсунда төмөнкү дарек боюнча жайгаштырылган: www.skamanat.kg. Кандай болгон күндө да, бул Офертанын шарттары менен Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Коенкозов көчөсү, 119 дарегинде жайгашкан Камсыздандыруучунун кеңсесинен таанышууга болот.<br>Бул Оферта Камсыздандырылуучунун буга окшогон жана башка камсыздандыруу келишимдерин түзүү укугун чектебейт. |
| **Офертанын шарттарын өзгөртүү:** | «Аманат» КК ЖАКы жаңы редакциясын расмий сайтына жарыялоо аркылуу ушул Офертанын жоболоруна бир тараптуу тартипте өзгөртүүлөрдү киргизүүгө укуктуу. Бул учурда, жаңы редакция жарыялангага чейин түзүлгөн бардык камсыздандыруу келишимдери боюнча шарттар өзгөрүүсүз калат жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларды кошпогондо, мындай камсыздандыруу келишимдери түзүлгөн учурда колдонулган редакцияга ылайык келет. |
| **Офертанын жарактуулук мөөнөтү:** | Бул Оферта убакыт менен чектелбейт жана аны Камсыздандыруучу Интернет тармагындагы расмий ресурста маалыматты ачып көрсөтүү менен чакыртып алган учурда өзүнүн аракетин токтотот. Бул Оферта кайра алынган учурда, эгерде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында башкача каралбаса, тариздэлген |

| | |
|---|---|
| | бардык камсыздандыруу келишимдери (сертификаттары) боюнча Камсыздандыруучунун милдеттенмелери алардын колдонуу мөөнөтү аяктаганга чейин күчүндө калат. |
| **Бул Офертада колдонулган негизги түшүнүктөр:** | а) **Камсыздандырылуучу** - ушул Оферта шарттарында камсыздандыруу уюму менен камсыздандыруу келишимин түзгөн аракетке жөндөмдүү жеке жак.<br>б) **Камсыздандыруучу** - Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө кызматынын лицензиясынын негизинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык камсыздандыруу ишин жүргүзүүчү "Аманат "Камсыздандыруу Компаниясы" жабык акционердик коому.<br>в) **Камсыздандырылган адам** - өмүрүнө, ден соолугуна жана эмгекке жөндөмдүүлүгүнө байланыштуу мүлктүк кызыкчылыктары камсыздандыруу объектиси болгон жана камсыздандыруу сертификатында көрсөтүлгөн жеке жак.<br>г) **Пайда алуучу –** камсыздандыруу полисинде камсыздандырууну алуучу катары аталган жеке же юридикалык жак. Камсыздандыруу полисинде Пайда алуучу дайындабаган Камсыздандырылган адам каза болгон учурда камсыздандырылган адамдын мураскорлору камсыздандыруу камсыздоосун алуучулар болуп таанылат.<br>д)**Камсыздандыруу учуру –** Камсыздандыруучунун Камсыздандырылуучуга/Пайда алуучуга камсыздандыруу ордун толтурууну төлөп берүүгө милдеттенмеси келип чыккан камсыздандыруу мезгилинде болгон, бул Офертанын жана Камсыздандыруу келишиминин шарттарында каралган иш жүзүндө болуп өткөн окуя<br>е) **Камсыздандыруу мезгили** - Камсыздандыруучу камсыздандыруу жабуусун берген камсыздандыруу полисинде көрсөтүлгөн убакыт аралыгы (суткасына 24 саат). Ушул Оферта менен шартталган камсыздандыруу көрсөтүлгөн убакыт аралыгында болгон окуяларды гана камтыйт.<br>ж) **Камсыздандыруу төлөмү** - ушул Офертада каралган камсыздандыруу учуру болгондо Камсыздандыруучу тарабынан Камсыздандырылуучуга/Пайда алуучуга камсыздандыруу суммасынын чегинде төлөнүүчү акчалай сумма.<br>з) **Күтүүсүз кырсык –** Камсыздандырылуучунун/ Камсыздандырылган адамдын денесине зыян келтирген же организмдин ички жана тышкы функцияларынын бузулушуна же өлүмүнө алып келген күтүлбөгөн кыска мөөнөттүү тышкы окуя, ал оорунун же дарыгердик манипуляциялардын натыйжасы болбошу керек жана камсыздандыруу мезгилинде Камсыздандырылуучунун/Камсыздандырылган адамдын жана/же Пайда алуучунун эркине карабастан келип чыгышы керек, анын ичинде: табигый кырсык, жарылуу, күйүк, үшүк, сууга чөгүү, электр тогунун таасири, чагылган тийүү, күн өтүү, кара ниет адамдардын же жаныбарлардын кол салуусу, кандайдыр бир нерсенин Камсыздандырылган адамга кулашы же анын өзүнө кулашы, күтүлбөгөн муунтуу, дем алуу жолдоруна бөтөн нерсенин кокусунан түшүп кетиши, зыяндуу азыктардан же заттардан (уулуу өсүмдүктөрдөн, химиялык заттардан, дары-дармектерден, сапатсыз тамак-аш азыктарынан) кокусунан катуу ууланув, ошондой эле транспорт каражаттарынын кыймылында же алардын катышуусундагы аварияда, машиналарды, механизмдерди, өндүрүш куралдарын жана ар кандай шаймандарды колдонууда болгон окуялар.<br>и) **Эмгекке жарамдуулугун жоготуу (майыптык)** - Камсыздандырылган адамдын, камсыздандыруу мезгилинде болгон кокустуктун кесепеттеринен улам келип чыккан жана Камсыздандырылган адамга ушул офертада каралган майыптык топторунун биринин белгиленишине алып келген ден соолугунун кайтарылгыс мүнөздөгү туруктуу бузулушу. Камсыздандырылган адамга кокустук болгон учурдан тартып алты айдын ичинде кокустуктун натыйжасында майыптык белгиленсе, камсыздандыруу окуясы деп таанылат. |
| **КАМСЫЗДАНДЫРУУ КЕЛИШИМИ (КАМСЫЗДАНДЫРУУ СЕРТИФИКАТЫ) ТҮЗҮЛҮҮЧҮ КАМСЫЗДАНДЫРУУ ШАРТТАРЫ** | |
| **1. Жалпы шарттар:** | 1.1 Бул камсыздандыруу шарттары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана Башкы директордун 2025-жылдын 5-мартындагы №03 буйругу менен бекитилген "Күтүүсүз кырсыктарадан камсыздандыруу эрежелерине" ылайык түзүлгөн (мындан ары - эрежелер).<br>1.2 Эрежелерде ачылган шарттар бул Офертанын ажырагыс бөлүгү болуп саналат жана бул Офертанын жоболорун толуктайт. Мында, эгерде бул Офертанын шарттары менен камсыздандыруу эрежелеринин ортосунда карама-каршылыктар болсо, анда бул Офертада ачылган шарттар |

| | |
|---|---|
| | артыкчылыкка ээ. Эрежелердин тексти Камсыздандыруучунун расмий сайтында жайгаштырылган, ошондой эле бул Офертада көрсөтүлгөн Камсыздандыруучунун кеңсесинен кагаз түрүндө да алууга болот.<br>1.3 Камсыздандыруучу камсыздандыруу төлөмүн төлөөгө милдеттенме алат, ал эми Камсыздандырылуучу бул Офертада жана эрежелерде аныкталган шарттарга ылайык камсыздандыруу сыйлыгынын өлчөмүн төлөйт.<br>1.4 г) Пайда алуучу (камсыздандыруу төлөмү алуучу) – камсыздандыруу полисинде камсыздандырууну алуучу катары аталган жеке же юридикалык жак.<br>1.5 Камсыздандыруу келишими бул Офертанын шарттарынын жана камсыздандыруу эрежелеринин шарттарынын ажырагыс жана бириктирилгендиги менен көрсөтүлөт.<br>1.6 Камсыздандыруу келишими кагаз жүзүндөгү сертификатты (камсыздандыруу полисин) чыгаруу жолу менен жана/же Камсыздандырылуучуга электрондук камсыздандыруу полисин жөнөтүү жолу менен, Камсыздандырылуучу тарабынан берилген маалыматтардын негизинде түзүлгөн Камсыздандыруучунун бул ачык Офертасына шилтемеси бар PDF форматындагы документ түрүндө түзүлөт. Камсыздандыруу сертификаты бул Офертанын шарттарын ийгиликтүү кабыл алуунун жана кошулуунун тастыктоосу болуп саналат.<br>1.7 Жекече Камсыздандырылган адамга карата камсыздандыруу коргоосунун аракети автоматтык түрдө токтотулат жана камсыздандыруу сыйлыгынын төлөнгөн суммасы:<br>а) камакка алуу же эркиндигинен ажыратуу жайларына, убактылуу кармоо жайларына (УКЖ), тергөө изоляторлоруна (ТИЗО) жайгаштыруу;<br>б) Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн катарында же башка мамлекеттердин Куралдуу Күчтөрүндө аскердик кызматты жүргүзүү.<br>1.8 Текст боюнча "Оферта", "Камсыздандыруу келишими" жана "Камсыздандыруу сертификаты" шилтемелери бул документке карата бирдей мааниге ээ. |
| **2. Камсыздандыруу келишимин түзүү жана күчүнө кирүү тартиби:** | 2.1. Бул камсыздандыруу Офертасы Камсыздандыруучу тарабынан Камсыздандырылуучуга камсыздандыруу кызматтарын сатуунун жана көрсөтүүнүн шарттарын белгилеген электрондук документ болуп эсептелет.<br>2.2. Камсыздандыруу келишими (камсыздандыруу полиси) Камсыздандырылуучу тарабынан Камсыздандыруучуга маалыматтык системаларды колдонуу менен же кагаз жүзүндөгү маалыматтарды толтуруу аркылуу берилген маалыматтардын негизинде түзүлөт;<br>2.3. Камсыздандырылуучу арыздын милдеттүү талааларын өз алдынча жана арызда көрсөтүлгөн оригиналдуу документтердин маалыматтарына ылайык толтурат;<br>Камсыздандырылуучу билдирилген документтердин аныктыгы жана түп нускага дал келүүсү үчүн жоопкерчиликти алат, ошондой эле билдирилген документтердин түп нускага дал келбеген учурда, камсыздандыруу окуясы болгондо, Камсыздандыруучу камсыздандыруу төлөмүнөн баш тартууга укуктуу экенине макул болот.<br>2.4. Документтердин билдирүүгө киргизилген жана көрсөтүлгөн маалыматтары автоматтык түрдө камсыздандыруу келишимине (Камсыздандыруу полисине) киргизилет.<br>2.5. Камсыздандыруу шарттарына макул болгон учурда, Камсыздандырылуучу өзүнүн макулдугун тастыктап, Камсыздандыруу келишимин түзүү жөнүндө арызды (мындан ары – Арыз) толтурууга өтөт.<br>2.6. Арызды толтурууда камсыздандыруу учурунун келип чыгуу ыктымалдыгын жана анын келип чыгуусунан мүмкүн болгон зыяндын көлөмүн (камсыздандыруу тобокелдигин) аныктоо үчүн маанилүү болгон Камсыздандыруучуга керектүү болгон бардык маалыматтарды көрсөтүү талап кылынат. Бардык маалыматтар документтердин түп нускаларына ылайык так көрсөтүлүшү керек.<br>2.7. Камсыздандыруу келишиминин тараптары Камсыздандырылуучунун камсыздандыруу полисин алуусу камсыздандыруу келишимине (камсыздандыруу полисине) тийиштүү кол коюусу экендигин тастыкташат.<br>2.8. Бул Офертаны акцептөөнүн жана камсыздандыруу полисин түзүү күнү Камсыздандырылуучу тарабынан Камсыздандыруу сыйлыгын төлөө фактысын тастыктоо күнү болуп саналат. |

| | |
|---|---|
| | 2.9. Камсыздандыруучунун милдеттенмелери (камсыздандыруу аракетинин башталышы) камсыздандыруу сыйлыгы төлөнгөн учурдан тартып күчүнө кирет жана төлөнгөн мөөнөткө чейин иштейт. |
| **3. Камсыздандыруу келишимин (полистерин)төлөө тартиби:** | 3.1. Камсыздандыруу келишимин (полисин) төлөө Камсыздандыруучу колдонгон маалыматтык системаларды (интернет-банкинг), же Камсыздандыруучунун Банктарынын өнөктөштөрүнүн кассасында накталай акча менен, же ушул Офертада көрсөтүлгөн Камсыздандыруучунун реквизиттери боюнча төлөм терминалдарында жүргүзүлөт;<br>3.2. Камсыздандыруунун камсыздандыруу полисинин наркы төлөнгөндүгү жөнүндө тастыктоо алынгандан кийин, Камсыздандыруучунун маалыматтык системасы автоматтык түрдө электрондук түрдө камсыздандыруу полисин түзөт, аны Камсыздандырылуучунун электрондук почта дарегине жөнөтөт же кагазга басып чыгарат.<br>3.3. Камсыздандыруучу төлөм провайдеринин аракеттери/аракетсиздиги үчүн, ошондой эле электрондук төлөмдөр системасы жана интернет аркылуу төлөөгө байланыштуу Камсыздандырылуучунун бардык зыяндары жана тобокелдиктери үчүн жоопкерчилик тартпайт.<br>3.4. Оферта даректелген адам Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 396-беренесине ылайык ушул Офертанын Шарттарына макул экендигин билдирет. |
| **4. Камсыздандыруу объектиси, камсыздандыруу тобокелдиги жана камсыздандыруу окуясы:** | 4.1. Камсыздандыруу объектиси-Камсыздандырылуучунун/Камсыздандырылган адамдын өмүрүнө, ден-соолугуна жана эмгекке жөндөмдүүлүгүнө байланыштуу мүлктүк кызыкчылык. Күтүүсүз кырсыктарга төмөнкүлөр кирет – Камсыздандырылуучунун/ Камсыздандырылган адамдын денесине зыян келтирген же организмдин ички жана тышкы функцияларынын бузулушуна же өлүмүнө алып келген күтүлбөгөн кыска мөөнөттүү тышкы окуя, ал камсыздандыруу мезгилинде Камсыздандырылуучунун/Камсыздандырылган адамдын жана/же Пайда алуучунун эркине карабастан келип чыгышы керек, анын ичинде: табигый кырсык, жарылуу, күйүк, үшүк, сууга чөгүү, электр тогунун таасири, чагылган тийүү, күн өтүү, кара ниет адамдардын же жаныбарлардын кол салуусу, кандайдыр бир нерсенин Камсыздандырылган адамга кулашы же анын өзүнө кулашы, күтүлбөгөн муунтуу, дем алуу жолдоруна бөтөн нерсенин кокусунан түшүп кетиши, зыяндуу азыктардан же заттардан (уулуу өсүмдүктөрдөн, химиялык заттардан, дары-дармектерден, сапатсыз тамак-аш азыктарынан) кокусунан катуу ууланууу, ошондой эле транспорт каражаттарынын кыймылында же алардын катышуусундагы аварияда, машиналарды, механизмдерди, өндүрүш куралдарын жана ар кандай шаймандарды колдонууда болгон окуялар.<br>4.2. Эмгекке жарамдуулугун жоготуу деп Камсыздандырылган адамдын оорусу жана/же кырсыктын кесепетинен эмгекке жарамдуулугун толугу менен же жарым-жартылай жоготушу түшүнүлөт, ал ден соолугунун абалы өзгөргөнгө чейин иштеген кесиби боюнча ишмердүүлүгүн жүргүзүүгө жөндөмсүз болуп калат.<br>4.3. Камсыздандыруу жүргүзүлгөн камсыздандыруу тобокелдиктери болуп төмөнкүлөр саналат:<br>а) Камсыздандырылган адамдын, камсыздандыруу эрежелеринин жана ушул Офертанын (№2 тиркеме) тиркемеси жана ажырагыс бөлүгү болуп саналган "Кокустуктардан камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төлөмдөрүнүн таблицасында" каралган жаракаттардын келип чыгышына байланыштуу эмгекке жарамдуулугун кокустуктан улам жарым-жартылай жоготуусу ;<br>б) Камсыздандырылган адамдын кырсыктын кесепетинен жалпы эмгекке жарамдуулугун биротоло жоготуп, I, II жана III топтогу майыптыгы белгиленген учурда;<br>в) Камсыздандырылган адамдын 4.4-пунктунда сүрөттөлгөн окуялардан тышкары, кандайдыр бир себеп менен каза болушу.<br>4.4. Түз же кыйыр себеби болуп төмөнкүлөр саналган камсыздандыруу окуясы деп таанылбайт:<br>А) Камсыздандырылуучунун/Камсыздандырылган адамдын камсыздандыруу окуясынын келип чыгышына шарт түзгөн атайылап жасаган кылмышы;<br>Б) согуш жана бардык түрдөгү согуштук аракеттер же аскердик иш-чаралар жана алардын кесепеттери, башка ушул сыяктуу же аларга теңештирилген окуялар (согуш жарыялангандыгына карабастан), козголоң, төңкөрүш, ар кандай жарандык тополоңдор, жарандык же аскердик көтөрүлүшкө айланып |

| | |
|---|---|
| | кетиши мүмкүн болгон иш таштоолор, бүлгүндөр, куралдуу же башка мыйзамсыз бийликти басып алуу, ошондой эле куралды жана ок-дарыларды колдонуу жана/же сактоо менен байланышкан башка ар кандай ушул сыяктуу окуялар, анын ичинде террордук акт;<br>В) Камсыздандырылган транспорт каражатын мас абалында, баңгизат же ууланУу абалында башкаруу, же транспорт каражатын мас абалында, баңгизат же уулануу абалында турган адамга, же бул транспорт каражатын башкарууга укугу жок адамга башкарууга берүү;<br>Г) Камсыздандырылган адамдын өз жанын кыюусу же өз жанын кыюуга аракет кылуусу;<br>Д) Камсыздандырылуучунун / Камсыздандырылган адамдын камсыздандыруу окуясынын келип чыгышына багытталган атайылап жасаган аракеттери жана/же аракетсиздиги, мындай аракеттерди жасаган учурда бул жактардын акыл-эси соо болгонбу же жокпу, буга карабастан, алардын жарандык милдетин аткарууга же Камсыздандырылуучунун / Камсыздандырылган адамдын же үчүнчү жактардын өмүрүн, ден соолугун, ар-намысын жана кадыр-баркын коргоого байланыштуу аракеттерди кошпогондо;<br>Е) ядролук жарылуу, радиация жана радиоактивдүү булгануу;<br>Ж) Камсыздандырылган адамды кайра күбөлөндүрүүдөн өткөндөн кийин белгиленген майыптуулук;<br>З) Эч кандай шартта Камсыздандыруучу ушул Офертада белгиленбеген же чагылдырылбаган милдеттенмелер боюнча жоопкерчилик тартпайт. Камсыздандыруучу камсыздандыруу полиси боюнча өз милдеттенмелери күчүнө киргенге чейин жана анын мөөнөтү аяктагандан кийин болгон окуялар боюнча эч кандай милдеттенме албайт. |
| **5. Камсыздандыруу төлөмүнүн өлчөмү:** | **5.1** Эмгекке жарым-жартылай жарамсыз болуп калганда (ушул Офертанын 4.3-пунктунун а-пунктчасы), төлөм "Кырсыктардан камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төлөмдөрүнүн таблицасына" ылайык, ушул тобокелдик үчүн белгиленген камсыздандыруу суммасынын калдыгынан тиешелүү пайызда төлөнөт, ал Камсыздандыруу эрежелеринин жана ушул Офертанын тиркемеси жана ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Бир эле кокустуктан улам ар кандай органдар жабыркаганда, камсыздандыруу төлөмүнүн өлчөмү ар бир жабыркоо боюнча өз-өзүнчө эсептелип, андан кийин кошулат. Бирок камсыздандыруу төлөмдөрүнүн жалпы суммасы камсыздандыруу суммасынын 75% ашпашы керек. Эгерде бир жаракат боюнча төлөнүүчү компенсациянын өлчөмү 75%дан ашса, анда компенсация төлөө "Кырсыктардан камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төлөмдөрүнүн таблицасына" ылайык эң оор жаракат боюнча белгиленген эң жогорку өлчөмдө жүргүзүлөт.<br>**5.2** Эмгекке жарамдуулугун толугу менен туруктуу жоготкон учурда (ушул Офертанын 4.3-пунктунун Б пунктасы):<br>• I топтогу майыптык берилген учурда - камсыздандыруу суммасынын калдыгынын 100%;<br>• II топтогу майыптык берилген учурда - камсыздандыруу суммасынын калдыгынын 75%ы;<br>• III топтогу майыптык берилген учурда - камсыздандыруу суммасынын калдыгынын 50%ы;<br>**5.3** Каза болгон учурда (ушул Офертанын 4.3 пунктунун в пунктчасы) - камсыздандыруу суммасынын калдыгынын 100%.<br>**5. 4** Камсыздандыруу суммасынын калдыгы мурда төлөнгөн камсыздандыруу төлөмүнүн жалпы камсыздандыруу суммасынан алынып салынышы менен аныкталат. Камсыздандыруу төлөмү төлөнгөн ар бир учурдан кийин камсыздандыруу суммасынын калдыгы азаят. |
| **6. Камсыздандыруу мөөнөтү жана аймагы:** | **6.1** Камсыздандыруу коргоосу күчүндө болгон аймак – бүткүл дүйнө<br>**6. 2** Камсыздандыруу коргоосу камсыздандыруу сыйлыгы төлөнгөн учурдан тартып, камсыздандыруу сертификатындагы мөөнөт аяктаганга чейин башталат.<br>**6.3** Камсыздандыруу коргоосунун аракети камсыздандыруу келишиминин (камсыздандыруу сертификатынын) бүткүл мөөнөтү бою күнү-түнү 24 саат бою күчүндө болот. |
| **7. Камсыздандырылуучунун демилгеси боюнча камсыздандыруу келишимин** | **7.1.** Камсыздандыруу келишими, эгерде ал күчүнө киргенден кийин камсыздандыруу учурунун келип чыгуу ыктымалдыгы жоголуп кетсе жана камсыздандыруу тобокелдиги камсыздандыруу учурунан башка жагдайларга байланыштуу токтотулса, ал түзүлгөн мөөнөт бүткөнгө чейин токтотулат. |

| | |
|---|---|
| **(камсыздандыруу полисин) мөөнөтүнөн мурда токтотуу. Камсыздандыруу сыйлыгын кайтаруу:** | **7.2.** Эгерде баш тартуу учурда камсыздандыруу окуясынын келип чыгуу мүмкүнчүлүгү ушул Офертанын 5.1-пунктунда көрсөтүлгөн жагдайларга байланыштуу жокко чыгарылбаса, Камсыздандырылуучу камсыздандыруу келишимин аткаруудан каалаган убакта баш тарта алат, Мында Камсыздандыруучуга төлөнгөн камсыздандыруу сыйлыгы кайтарылбайт.<br>**7.3.** Камсыздандыруу келишимин (Камсыздандыруу полисин) Камсыздандырылуучунун демилгеси боюнча мөөнөтүнөн мурда токтотуу Камсыздандыруучуга токтотуу жөнүндө жазуу жүзүндө арыз жөнөтүү, андан кийин тараптардын камсыздандыруу келишимин токтотуу жөнүндө макулдашууга кол коюусу аркылуу жүргүзүлөт.<br>**7.4.** Камсыздандыруучунун демилгеси боюнча камсыздандыруу келишимин (камсыздандыруу полисин) мөөнөтүнөн мурда токтотуу (бир тараптуу тартипте) төмөнкү учурларда гана жүргүзүлөт:<br>а) Камсыздандырылуучу же Камсыздандырылган адам тарабынан пландуу дарылануудан өтүү, медициналык мекемеге, Камсыздандыруучуга жалган маалымат берүү жана чындыкка дал келбеген документтерди берүү жолу менен атайылап кыянаттык кылуу. Мында Камсыздандыруучу, эгерде бул жагдайлар тастыкталса, Камсыздандырылуучуга/Камсыздандырылган адамга жазуу жүзүндө билдирүү жөнөтүү аркылуу камсыздандыруу келишимин бир тараптуу токтотууга укуктуу;<br>б) мыйзамдарда жана камсыздандыруу келишиминде каралган жана жол берилген. |
| **8. Өзгөчө шарттар:** | **8.1.** Камсыздандыруу окуясы болгон учурда, Камсыздандырылуучу (Камсыздандырылган адам) 10 (он) күндүн ичинде төмөнкүлөргө милдеттүү: бул тууралуу Банкка жана Камсыздандыруучуга телефон аркылуу байланышып, факсимилдик билдирүү же электрондук почта аркылуу кабарлоо.<br>**8.2.** Эгерде Камсыздандыруу келишиминин мөөнөтүндө Камсыздандыруучу тарабынан камсыздандыруу төлөмү жүргүзүлсө, камсыздандыруу келишими мөөнөтүнөн мурда токтотулган учурда камсыздандыруу сыйлыгы (камсыздандыруу сыйлыгынын бир бөлүгү) кайтарылбайт.<br>**8.3.** Камсыздандыруу келишими мөөнөтүнөн мурда бузулган учурда, камсыздандыруу сыйлыгы Камсыздандыруучунун тапкан сыйлыгын жана Камсыздандыруучунун ишти жүргүзүүгө кеткен чыгымдарын алып салгандан кийин кайтарылат, ал Камсыздандырылуучу тарабынан төлөнгөн камсыздандыруу сыйлыгынын суммасынын 91%ын түзөт. |
| **9. Башка шарттар** | **9.1** Камсыздандыруучу жана Камсыздандырылуучу өз ара макулдашуу боюнча өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүгө, ошондой эле камсыздандыруу шарттарын кеңейтүүгө укуктуу, алар ушул камсыздандыруу келишимине гана тиешелүү болот.<br>**9.2** Бул офертаны кабыл алуу Камсыздандыруучунун ушул Офертанын шарттары боюнча камсыздандыруу келишимин түзгөн адамдар арасында болгон камсыздандыруу окуялары жөнүндөгү анонимдештирилген маалыматтарды таратууга макулдугун, ошондой эле Камсыздандыруучудан ушундай маалыматтарды алууга макулдугун билдирет.<br>**9. 3** Камсыздандыруу келишими боюнча Камсыздандыруучу менен Камсыздандырылуучунун ортосунда келип чыккан талаш-тартыштар сүйлөшүүлөр аркылуу чечилет. Макулдашууга жетишилбеген учурда талаш-тартыштар Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында белгиленген соттук тартипте каралат.<br>**9.4** Ушул офертада жана Эрежелерде жөнгө салынбаган бардык маселелер боюнча Тараптар Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына таянышат. |
| **10. Камсыздандыруу тарифи** | Аралыктан сатуу каналдарын колдонуу менен келишим түзүүдө – кредиттин суммасынын 2,25% баштап.<br>Банктын бөлүмдөрүндө (офистеринде) келишим түзүүдө – кредиттин суммасынын 1% баштап. |

Келип чыккан доомattар боюнча Сиз камсыздандыруу уюмдарынын ишин жөнгө салуучу органга кайрылсаңыз болот: Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө кызматы, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 114. Телефон: +996 (312) 62 44 60, 62 44 70

Сиз Өзгөчө кырдаалдар боюнча комиссар менен төмөнкү телефондор аркылуу байланышсаңыз болот:+996 (507) 80 77 87; +996 (704) 99 32 32

**№ 1 тиркеме**
Күтүүсүз кырсыктардан камсыздандыруу келишимин түзүү боюнча Ачык офертага

# КЫРСЫКТАРДАН КАМСЫЗДАНДЫРУУГА АРЫЗ

**1.** КАМСЫЗДАНДЫРЫЛУУЧУ: ______________________________
*(ФАА)*

Туулган жылы: ______________________________

Паспорттук маалыматтар: ______________________________

Дареги: ______________________________-__________

Телефон: үй __________ жумушчу ______________________________

Иштеген жери: ______________________________

**2.** Пайда алуучу: ______________________________

Туулган жылы: ______________________________

Паспорттук маалыматтар: ______________________________

**3.** КАМСЫЗДАНДЫРУУ КЕЛИШИМИНИН ШАРТТАРЫ (*берилген параметрлердин бирин тандаңыз)*

| | |
|---|---|
| Күтүүсүз кырсыктан каза болуу, күтүүсүз кырсыктан майып болуп калуу жана жаракат алуу | |

Келишим боюнча камсыздандыруу суммасы ______________________________

**4.** КАМСЫЗДАНДЫРУУ КЕЛИШИМИНИН КОЛДОНУЛУУ УБАКТЫСЫ

*(сунушталган варианттардын бирин тандаңыз):*

| | |
|---|---|
| Суткасына 24 саат | |

**5.** КАМСЫЗДАНДЫРУУ КЕЛИШИМИНИН КОЛДОНУЛУУ МЕЗГИЛИ:

Камсыздандыруу келишиминин аракети башталган күн 20____ жылдын "_____" ________ 00 саат 00 мүнөтү.

Камсыздандыруу келишиминин колдонуу мөөнөтү аяктаган күн 20____ жылдын "_____" ________ 24 саат 00 мүнөтү.

**6.** КАМСЫЗДАНДЫРУУ КЕЛИШИМИНИН ЖАРАКТУУ АЙМАГЫ: ______________________________

***Камсыздандыруу эрежелери менен таанышып чыктым жана макулмун:***

Камсыздандырылуучунун Колу ____________________ ______________________________
*(Кол тамгасы)* *(ФАА)*

Арыз толтурулган күн: "___" ________ 20___ ж.

**№ 2 тиркеме**
Күтүүсүз кырсыктардан камсыздандыруу келишимин түзүү боюнча Ачык офертага

# КЫРСЫКТАРДЫ КАМСЫЗДАНДЫРУУ ЭРЕЖЕЛЕРИ

Бишкек шаары, 2025-жыл

**АНЫКТАМАЛАР ЖАНА ТҮШҮНҮКТӨР:**

## 1. Жалпы шарттар

1.1. Кырсыктан камсыздандыруунун ушул Эрежелеринин (мындан ары текст боюнча - Эрежелер) жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарынын шарттарында «Аманат» Камсыздандыруу компаниясы» жабык акционердик коому (мындан ары текст боюнча – Камсыздандыруучу) жеке жана юридикалык жактар менен, мындан ары Камсыздандырылуучулар деп аталуучу, күтүүсүз кырсыктан ыктыярдуу камсыздандыруу келишимдерин түзөт (мындан ары текст боюнча – камсыздандыруу келишими).

1.2. Камсыздандырылуучулар болуп төмөнкүлөр чыга алышат:

1.2.1. менчиктин бардык түрүндөгү юридикалык жактар;

1.2.2. жеке ишкерлерди кошкондо, жеке жактар.

1.3. Камсыздандырылуучулар үчүнчү жактардын пайдасына камсыздандыруу келишимдерин түзүүгө укуктуу (мындан ары текст боюнча Камсыздандырылган адамдар). Камсыздандыруу келишими түзүлгөн учурда жашы **6 (алты) жаштан 64 (алтымыш төрт) жашка чейинки жеке жактар камсыздандырылышы мүмкүн.**

Эгерде үчүнчү жактар Камсыздандырылуучу – жеке жак менен никеде же туугандыкта (жубайы, ата-энеси, ага-инилери, эже-карындаштары, балдары) турбаса, камсыздандыруу келишими алардын жазуу жүзүндөгү макулдугу менен гана түзүлөт.

1.4. Психикалык, онкологиялык оорулары же жүрөк-кан тамыр оорулары, анын ичинде акыл-эси кем, нерв системасынын оор бузулуулары бар адамдарга, ошондой эле толугу менен шал болуп калган адамдарга жана I топтогу майыптарга карата камсыздандыруу келишими түзүлбөйт. Мындай адамдарга карата түзүлгөн келишим түзүлгөн учурдан тартып жараксыз деп табылат.

1.5. Камсыздандырылуучу (Камсыздандырылган адам) Камсыздандырылган адамдын өлүмү учурунда камсыздандыруу суммасын алуучу катары каалаган адамды дайындай алат (мындан ары Пайда алуучу).

1.6. Ушул Эрежелердин шарттарында камсыздандыруу келишими түзүлгөндө, алар камсыздандыруу келишиминин ажырагыс бөлүгү болуп калат жана Камсыздандыруучу үчүн да, Камсыздандырылуучу үчүн да милдеттүү болуп саналат.

1.7. Бул Эрежелерде камтылган жоболор камсыздандыруу келишимин түзүүдө же анын колдонуу мөөнөтүнүн ичинде тараптардын жазуу жүзүндөгү макулдашуусу боюнча өзгөртүлүшү (алынып салынышы же толукталышы) мүмкүн, эгерде мындай өзгөртүүлөр Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына каршы келбесе.

1.8. Бул Эрежелер камсыздандыруу келишиминде колдонулган жана пайдаланылган терминдердин жана түшүнүктөрдүн аныктамаларын белгилейт:

1.8.1. Пайда алуучу – камсыздандыруу келишими түзүлгөн жак;

1.8.2. Камсыздандыруу келишими – Камсыздандыруучу менен Камсыздандырылуучунун ортосундагы макулдашуу, анын күчүнө ылайык Камсыздандыруучу камсыздандыруу келишиминде каралган төлөм (камсыздандыруу сыйлыгы) үчүн камсыздандыруу окуясы келип чыкканда камсыздандыруу төлөмүн төлөп берүүгө милдеттенет. Камсыздандыруу келишими эки тараптын тең колу коюлган документ түрүндө же Камсыздандыруучунун Камсыздандырылуучуга анын жазуу жүзүндөгү же оозеки арызынын негизинде Камсыздандыруучу кол койгон камсыздандыруу полисин тапшыруу жолу менен түзүлүшү мүмкүн.

1.8.3. Кош камсыздандыруу – бир эле камсыздандыруу объектисин эки же андан көп камсыздандыруучуларда камсыздандыруу;

1.8.4. Кайсы бир объектини бир келишим боюнча бир нече камсыздандыруучу чогуу камсыздандыруусу – кошо камсыздандыруу.

1.8.5. Камсыздандырылуучу - камсыздандыруу уюму (камсыздандыруучу) менен камсыздандыруу келишимин түзгөн жаран же юридикалык жак;

1.8.6. Камсыздандыруучу - коммерциялык уюм болуп саналган жана тиешелүү түрдө камсыздандырууну жүзөгө ашырууга атайын уруксаты (лицензиясы) бар юридикалык жак (камсыздандыруу уюму);

1.8.7. Камсыздандыруу суммасы - камсыздандыруучу жеке камсыздандыруу келишими боюнча камсыздандыруу төлөмүн төлөп берүүгө милдеттенген сумманын чеги;

1.8.8. Камсыздандыруу сыйлыгы - камсыздандыруу келишиминде каралган тартипте жана мөөнөттө камсыздандыруучу камсыздандыруучуга төлөөгө милдеттүү болгон келишимдик төлөм;

1.8.9. Камсыздандыруу тарифтери - камсыздандыруу келишими боюнча төлөнүүгө тийиш болгон камсыздандыруу сыйлыгынын өлчөмүн аныктоодо колдонулуучу тарифтер;

1.8.10. Камсыздандыруу төлөмү - камсыздандыруу келишими боюнча камсыздандыруу учуру келгенде зыянды жабуу үчүн камсыздандыруучу тарабынан төлөнүүчү сумма;

1.8.11. Камсыздандыруу окуясы – камсыздандыруу келишиминде же мыйзамда каралган, Камсыздандыруучунун Камсыздандырылуучуга, камсыздандырылган адамга же пайда алуучуга камсыздандыруу төлөмүн жүргүзүү милдети келип чыгуучу ишке ашкан окуя;

1.8.12. Камсыздандыруу тобокелдиги – камсыздандыруу жүргүзүлгөн болжолдуу окуя;

1.8.13. Камсыздандыруу төгүмдөрү - камсыздандыруу келишиминин шарттарына ылайык камсыздандырылуучу тарабынан камсыздандыруучуга мезгил-мезгили менен төлөнүүчү камсыздандыруу сыйлыгы;

1.8.14. Камсыздандыруу келишиминин колдонуу мөөнөтү – камсыздандыруу келишиминин жоболору тараптар үчүн милдеттүү болгон убакыт аралыгы. Тараптардын милдеттенмелери, келип чыккан
келишимдин мөөнөтү аяктаганга чейин, алар толук аткарылганга
чейин күчүндө болот

1.8.15. Компететтүү органдар – Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына ылайык камсыздандыруу учурунун белгилери бар окуяларды жана зыяндын өлчөмүн тастыктаган документтерди берүүгө ыйгарым укуктуу мамлекеттик жана/же башка органдар;

1.8.16. Жоопкерчилик чеги – Камсыздандыруучунун келишимдин колдонуу мөөнөтү ичинде бир камсыздандыруу окуясы боюнча жана бардык камсыздандыруу окуялары боюнча төлөнүүчү камсыздандыруу төлөмүнүн максималдуу өлчөмү;

1.8.17. Камсыздандыруу объектиси – Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген жана камсыздандырылган же камсыздандырылууга тийиш болгон мүлктүк кызыкчылыктар. Жарандардын өмүрүнө, ден соолугуна зыян келтирүү, аларга медициналык кызмат көрсөтүү менен байланышкан мүлктүк кызыкчылыктар жеке камсыздандыруунун объектилери болушу мүмкүн.

1.8.18. Камсыздандыруу коргоосунун (камсыздандыруунун) колдонуу мөөнөтү – камсыздандыруу коргоосу (камсыздандыруу) колдонулган убакыт аралыгы.

1.8.19. Кайра камсыздандыруу - бул камсыздандыруу келишими боюнча башка камсыздандыруучудан камсыздандыруу төлөмдөрүн төлөө тобокелдигин толугу менен же жарым-жартылай камсыздандыруу. Мында кайра камсыздандыруу келишимин түзгөн камсыздандыруу келишими (негизги келишим) боюнча камсыздандыруучу кайра камсыздандыруу келишиминде кайра камсыздандыруучу болуп саналат;

1.8.20. Камсыздандыруу аймагы – камсыздандыруу келишиминде аныкталган аймак (өлкө, облус, каттам ж. б.), анын чегинде камсыздандыруу келишиминин колдонуу мөөнөтүндө камсыздандыруу окуя камсыздандыруу төлөмү боюнча милдеттенмелери келип чыгат .

## 2. КАМСЫЗДАНДЫРУУ ОБЪЕКТИСИ

2.1. Камсыздандырылган адамдардын өмүрү, ден соолугу жана эмгекке жөндөмдүүлүгү менен байланышкан мүлктүк кызыкчылык камсыздандыруунун объектиси болуп саналат.

2.2. Күтүүсүз кырсык – камсыздандырылган адамдын эркине каршы, күтүүсүз, кыска мөөнөттүү тышкы окуя (кырдаал), камсыздандыруу келишиминин мөөнөтү ичинде болгон, камсыздандырылган адамдын ден соолугуна зыян келтирген (дене жаракаттары) же өлүмгө алып келген окуя.

## 3. КАМСЫЗДАНДЫРУУ ОКУЯЛАРЫ, КАМСЫЗДАНДЫРУУ КЫРСЫКТАРЫ.

3.1. Камсыздандыруу окуясы – камсыздандыруу келишиминин колдонуу мөөнөтүндө болгон, ушул Эрежелердин 3.2-пунктунда саналып өткөн, дарылоо-профилактикалык мекеме жана/же ыйгарым укуктуу, компетенттүү орган тарабынан документ жүзүндө тастыкталган жана Камсыздандыруучунун Камсыздандырылган адамга (Пайда алуучуга) камсыздандыруу суммасын төлөп берүү милдетин пайда кылган иш жүзүндө орун алган камсыздандыруу окуясы
.

3.2. Эгерде келишимде башкача каралбаса, камсыздандыруу окуялары болуп төмөнкүлөр саналат:

1. күтүүсүз кырсыктын натыйжасында алган жаракат;
2. жаныбарлардын, жыландардын жана уулуу курт-кумурскалардын чагуусу;
3. кокусунан уулуу өсүмдүктөр, химиялык заттар (өндүрүштүк же тиричилик), сапатсыз тамак-аш азыктары менен ууланууу, тамак-аш токсикоинфекциясынан
   (сальмонеллез, дизентерия ж.б.) тышкары, дары-дармектер менен ууланууу;
4. Кене энцефалити (энцефаломиелит) же полиомиелит оорусу;
5. патологиялык төрөт же органдарды (жатынды, эки же жалгыз түтүктү, энелик бездерди) алып салууга алып келген жатындын сыртындагы кош бойлуулук;
6. күтүүсүз сыныктар, сөөктөрдүн чыгып кетиши, тиштердин сынышы, күйүктөр, органдардын айрылышы (жаракат алышы) же туура эмес медициналык манипуляциялардын натыйжасында алардын алынып салынышы.

7. Камсыздандыруу келишиминин колдонуу мөөнөтүндө Камсыздандырылган адамда ушул пункттун 1-6-пунктчаларында көрсөтүлгөн окуялардан улам келип чыккан I, II, III топтогу майыптуулук;
8. Камсыздандыруу келишиминин мөөнөтү ичинде жогоруда саналып өткөн окуялардан (ушул пункттун 1-7-пунктчалары), ошондой эле дем алуу жолдоруна кокусунан бөтөн нерсенин түшүп кетишинен, чөгүп кетүүдөн, анафилактикалык шоктон, организмдин ашыкча муздап кетишинен (суук тийүүдөн каза болгон учурларды кошпогондо) камсыздандырылган адамдын каза болушу.

3.3. 3.2-пунктта каралган окуялар, эгерде алар камсыздандыруу келишиминин колдонуу мөөнөтүндө болгон кокустуктун натыйжасы болуп саналса жана мыйзамда белгиленген тартипте компетенттүү органдар тарабынан берилген документтер менен тастыкталса, камсыздандыруу учурлары деп таанылат.

3.4. Келишимдин колдонуу мөөнөтүндөгү кокустук окуянын кесепетинен келип чыккан 3.2-пунктунда каралган окуялар, эгерде мындай кокустук окуянын татаалдашуусу ошол кокустук окуя болгон күндөн тартып бир жылдын ичинде пайда болуп, ден соолуктун оор жабыркашына жана/же майыптыкка (эмгекке жарамдуулуктун туруктуу жоголушуна) жана/же камсыздандырылган адамдын өлүмүнө алып келсе, камсыздандыруу окуялары деп таанылат.

3.5. Ушул бөлүмдүн 3.2-пунктунда көрсөтүлгөн окуялар төмөнкү учурларда камсыздандыруу окуялары болуп саналбайт:

а. Камсыздандырылган адам тарабынан атайылап кылмыш жасоосу;
б. Камсыздандырылган адамдын өлүмүнө алып келген Пайда алуучунун атайылап жасаган кылмышы;
в. Камсыздандырылган адамдын мас абалында, баңгизат же уулуу заттардын таасири астында кандайдыр бир транспорт каражатын башкаруусу, башкарууну ушундай абалда турган башка адамга, ошондой эле айдоочулук күбөлүгү жок адамга өткөрүп берүүсү;
г. Камсыздандырылган адамдын өзүн-өзү өлтүрүүсү же суицид аракети;
д. ар кандай оордуктагы денеге атайылап зыян келтирүү.
е. Камсыздандырылган адамдын тиешелүү уруксат берүү укуктары (Сертификат, Күбөлүк ж.б.) жок болгон учурда транспорт каражатын, механикалык түзүлүштү, аппаратты, шайманды же башка жабдууларды пайдалануусу, ошондой эле Камсыздандырылган адамдын башкарууну тиешелүү уруксат берүү укуктары жок адамга өткөрүп бериши;
ж. Камсыздандырылган адамдын анда психикалык оорунун өрчүшү менен байланышкан аракеттери;
з. Камсыздандырылган адамдын алкоголдук, наркотикалык же токсикалык мас абалында болушу, эгерде зыянды жөнгө салуу үчүн берилген документтерден Камсыздандырылган адамдын абалы менен болгон кырсыктын ортосунда себеп-натыйжа байланышы жок экендиги так көрүнбөсө;

Ушул пункттун а) – з) кичи пункттарында саналып өткөн аракеттер соттун чечиминин жана/же мыйзам тарабынан белгиленген тартипте жасалган фактыны далилдеген ыйгарым укуктуу жана компетенттүү органдардын башка документтеринин негизинде таанылат.

3.6. Эгерде камсыздандыруу келишимин түзүүдө башкача каралбаса, Камсыздандыруучу кокустуктардын натыйжасында келип чыккан өлүм жана жаракаттар (майыптык) үчүн төлөмдөрдү төлөбөйт, эгерде алар төмөнкүлөрдөн улам келип чыкса:

3.6.1. ядролук жарылуунун, радиациянын же радиоактивдүү булгануунун, террористтик актылардын же саясий мотивдер менен жасалган зомбулуктун, ошондой эле ар кандай согуштук аракеттердин, элдик толкундоолордун, иш таштоолордун, массалык баш аламандыктардын, мамлекеттик бийлик органдары тарабынан мыйзамда белгиленген тартипте жарыяланган өзгөчө же атайын абалдардын таасири астында.

3.6.2. Камсыздандырылган адамдын спорттун бардык түрлөрү менен профессионалдык деңгээлде машыгуусу, бардык мелдештерге катышуусу, анын ичинде моторлоштурулган жер үстүндөгү, суу же аба транспортун колдонуу менен, ошондой эле төмөнкү спорттун түрлөрү менен ышкыбоздук негизде машыгуу: авто-, мотоспорт, ат спортунун бардык түрлөрү, аба спортунун түрлөрү (парашют, дельтаплан, планер жана башкалар, анын ичинде кандайдыр бир транспортко байланган парашют менен учуу), парустук спорт, альпинизм, аскага чыгуу, согуштук искусство, суу астында сүзүү (дайвинг), тоо лыжасы, сноубординг; ошондой эле катуу агымдар менен агып түшүү, кейвинг, куралдын бардык түрүн колдонуу менен аңчылык кылуу, серпилгич түзүлүштөрдө секирүү, бейсджампинг (бекитилген объекттерден секирүү үчүн атайын парашют колдонулган экстремалдык спорттун түрү), роупджампинг (альпинисттик аркандардан жана шаймандардан жасалган татаал амортизация системасынын жардамы менен бийик объекттен аркан менен секирүү) жана өмүргө коркунуч туудурган башка кооптуу хоббилер. Ушул Эрежелерде кесиптик деңгээлде спорт менен машыгуу деп спорттун кайсы бир түрү менен системалуу түрдө машыгуу жана

машыгууларды жана/же расмий түрдө өткөрүлүүчү спорттук мелдештерге катышууну билдирет.

3.6.3. Камсыздандырылган адамдын каалаган аба, авиациялык же космостук учууларга/каттамдарга катышуусу, жүргүнчү катары акы төлөнгөн жарактуу билети бар, үзгүлтүксүз же чартердик авиакаттамдын, коммерциялык аскердик эмес аба кемесинин авиакаттамынын, жүргүнчүлөрдү ташууга белгиленген эрежелерге ылайык лицензияланган жана иштетүүгө уруксат берилген учууларынан тышкары.

3.6.4. Камсыздандыруучу тарабынан өрткө каршы жана башка коопсуздук чараларынын эрежелерин бузуу;

3.6.5. Камсыздандырылган адамдын этанол, спирт ичимдиктери, күчтүү таасир этүүчү жана наркотикалык заттар мененууланусу, эгерде алар дарыгердин көрсөтмөсүз кабыл алынса, ошондой эле мас болуу максатында кабыл алынган уулуу заттар менен уулануусу.

3.7. Төмөнкү Камсыздандырылган адамдарга карата камсыздандыруу келишиминин аракети автоматтык түрдө токтотулат:

3.7.1. камакта кармалгандар же эркиндигинен ажыратылган жерлерде, убактылуу кармоочу жайларда (УКЖ), тергөө изоляторлорунда (ТИЗО) турган адамдар;

3.7.2. Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн катарында же башка мамлекеттердин куралдуу күчтөрүндө аскердик кызмат өтөгөндөр.

## 4. КАМСЫЗДАНДЫРУУ КЕЛИШИМИН ТҮЗҮҮ ЖАНА ТАРИЗДӨӨ ТАРТИБИ

4.1. Камсыздандыруу келишимин түзүү үчүн Камсыздандырылуучу Камсыздандыруучуга белгиленген форма боюнча камсыздандыруу жөнүндө жазуу жүзүндөгү арыз-анкетаны, ошондой эле, эгерде Камсыздандырылуучу юридикалык жак болсо, камсыздандырылган адамдардын тизмесин берет. Тобокелдиктин даражасын мүнөздөгөн башка кошумча документтерди камсыздандыруу келишимин түзүү үчүн камсыздандыруучу талап кылышы мүмкүн.

4.2. Камсыздандыруу сыйлыгынын өлчөмү Камсыздандыруучу тарабынан тараптар макулдашкан камсыздандыруу суммаларынын, камсыздандыруу мөөнөтүнүн, камсыздандырылган тобокелдиктердин жана Камсыздандыруучунун жоопкерчилик көлөмүн жана тобокелдик даражасын аныктоочу башка факторлордун негизинде аныкталат.

4.3. Камсыздандыруу сыйлыгы бир жолу төлөнөт же тараптардын макулдашуусу боюнча бир нече камсыздандыруу төгүмдөрү менен төлөнүшү мүмкүн.

4.4. Камсыздандырылуучу тарабынан камсыздандыруу сыйлыгын же анын кезектеги төгүмүн камсыздандыруу келишиминде каралган мөөнөттө төлөбөө камсыздандыруу келишимин олуттуу бузуу катары каралат жана Камсыздандыруучунун келишимди аткаруудан бир тараптуу баш тартуусуна негиз болушу мүмкүн.

4.5. Бир жылдан аз мөөнөткө камсыздандыруу келишимин түзүүдө камсыздандыруу сыйлыгы (жылдык камсыздандыруу сыйлыгынын % менен):

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| - 1 айга | - 20 % | | - 7 айга | - 75% |
| - 2 айлык | - 30 % | | - 8 ай | - 80% |
| - 3 ай | - 40% | | - 9 айга | - 85% |
| - 4 айлык | - 50% | | - 10 айга | - 90% |
| - 6 ай | - 60% | | - 11 айга | - 95 % |
| Камсыздандыруу мөөнөтү бир айдан аз болсо, камсыздандыруу төгүмдөрү толук ай үчүн төлөнөт. | | | | |

4.6. Камсыздандыруу келишиминин колдонуу мөөнөтүнүн башталган жана аяктаган күнү тараптардын макулдашуусу боюнча белгиленет.

4.7. Камсыздандыруу келишими (полис) жоголгон учурда, Камсыздандыруучу Камсыздандырылуучунун (Камсыздандырылган адамдын) жазуу жүзүндөгү арызынын негизинде анын дубликатын берет, андан кийин жоголгон камсыздандыруу келишими (полис) жараксыз деп эсептелет жана ага ылайык төлөм жүргүзүлбөйт.

Кайрадан камсыздандыруу келишиминин мөөнөтү ичинде полис жоголгон учурда, Камсыздандыруучу Камсыздандырылуучудан полисти даярдоо наркынын өлчөмүндө акчалай сумма өндүрүп алат.

## 5. КЕЛИШИМДИН КҮЧҮНӨ КИРИШИ ЖАНА АНЫН ЖАРАКТУУЛУК МӨӨНӨТҮ.

5.1. Эгерде камсыздандыруу келишиминде башкача каралбаса, камсыздандыруу келишими камсыздандыруу сыйлыгы же анын биринчи төгүмү төлөнгөн учурдан тартып күчүнө кирет.

5.2. Камсыздандыруу келишими бир жылдык мөөнөткө же тараптардын макулдашуусу боюнча башка мөөнөткө (камсыздандыруу мезгили) түзүлөт, ал камсыздандыруу келишиминде көрсөтүлөт.

5.3. Камсыздандыруу келишиминин аракети токтотулат:

5.3.1. Камсыздандыруу келишиминин колдонуу мөөнөтү бүткөндө;

5.3.2. Камсыздандыруучу Камсыздандыруу келишими (Полис) боюнча келишимдик милдеттенмелерин толук көлөмдө аткарган учурда;

5.3.3. Камсыздандырылуучу камсыздандыруу сыйлыгын (төгүмүн) келишимде белгиленген мөөнөттө төлөбөгөн учурда;

5.3.4. Кыргыз Республикасынын мыйзам актыларында белгиленген тартипте Камсыздандыруучу жоюлганда.

5.3.5. Камсыздандырылуучу-юридикалык жак жоюлганда, эгерде Камсыздандырылган адам (Камсыздандырылгандар) төгүмдөрдү төлөө боюнча Камсыздандырылуучунун милдеттерин өзүнө албаса;

5.3.6. камсыздандыруу келишимин сот тарабынан жараксыз деп таануу жөнүндө чечим кабыл алынган учурда;

5.3.7. Кыргыз Республикасынын мыйзам актыларында каралган башка учурларда.

5.4. Камсыздандыруу келишими Камсыздандыруучунун же Камсыздандырылуучунун талабы боюнча мөөнөтүнөн мурда токтотулушу мүмкүн, эгерде бул камсыздандыруу келишиминин шарттарында каралган болсо, ошондой эле тараптардын макулдашуусу боюнча.

5.5. Эгерде келишимде башкача каралбаса, камсыздандыруу келишимин мөөнөтүнөн мурда токтотуу ниети жөнүндө тараптар бири-бирине камсыздандыруу келишимин токтотуу болжолдонгон күнгө чейин кеминде он күн калганда жазуу жүзүндө билдирүүгө милдеттүү.

5.6. Камсыздандыруу келишими анын мөөнөтү бүтө электе эле токтотулат, эгерде ал күчүнө киргенден кийин камсыздандыруу окуясынын болушу мүмкүнчүлүгү жоголуп, камсыздандыруу тобокелдиги камсыздандыруу окуясынан башка жагдайлардан улам токтосо, атап айтканда, Камсыздандырылган адам камсыздандыруу окуясынан башка себептерден улам каза болгон учурда. Ушул пунктта көрсөтүлгөн жагдайларга байланыштуу камсыздандыруу келишими мөөнөтүнөн мурда токтотулганда,

Камсыздандыруучу камсыздандыруу келишиминде көрсөтүлгөн камсыздандыруу төгүмүнүн суммасынан кеминде 25% өлчөмүндөгү Камсыздандыруучунун тарткан чыгымдарын алып салгандан кийин, камсыздандыруу төгүмүнүн өтпөгөн мезгилге тиешелүү бөлүгү Камсыздандырылуучуга кайтарылып берилет.

5.7. Камсыздандырылуучу камсыздандыруу келишиминен каалаган убакта баш тарта алат, эгерде баш тарткан учурда камсыздандыруу окуясынын келип чыгуу мүмкүнчүлүгү ушул Жалпы шарттардын 5.6-пунктунда көрсөтүлгөн жагдайларга байланыштуу жокко чыгарылбаса.

Камсыздандырылуучу камсыздандыруу келишиминен мөөнөтүнөн мурда баш тарткан учурда, эгерде келишимде башкача каралбаса, Камсыздандыруучуга төлөнгөн камсыздандыруу сыйлыгы кайтарылбайт.

5.8. Камсыздандыруучу колдонуудагы мыйзамдарда жана камсыздандыруу келишиминде каралган учурларда камсыздандыруу келишимин мөөнөтүнөн мурда бузууга укуктуу. Камсыздандыруу келишими Камсыздандыруучунун демилгеси боюнча мөөнөтүнөн мурда токтотулган учурда, Камсыздандырылуучуга төлөнгөн камсыздандыруу сыйлыгы толугу менен кайтарылып берилет. Эгерде Камсыздандыруучунун талабы Камсыздандырылуучу (Камсыздандырылган адам) тарабынан ушул Эрежелердин аткарылбагандыгына байланыштуу болсо, анда ал Камсыздандырылуучуга келишимдин өтпөгөн мөөнөтү үчүн камсыздандыруу сыйлыгын, камсыздандыруу келишиминде көрсөтүлгөн камсыздандыруу сыйлыгынын суммасынын 25% кем эмес өлчөмүндө Камсыздандыруучу тарткан чыгымдарды алып салуу менен кайтарып берет.

5.9. Камсыздандыруу келишими боюнча Камсыздандыруучунун жоопкерчилиги камсыздандыруу келишиминде көрсөтүлгөн мөөнөттө аяктайт; же, эгерде келишим тараптардын бири тарабынан бир тараптуу тартипте бузулса, анда жоопкерчилик башка тараптын келишимди бузуу жөнүндө жазуу жүзүндөгү билдирүүнү алган күнүнөн (камсыздандыруу келишиминде көрсөтүлгөн дарек боюнча), же андай билдирүүдө көрсөтүлгөн башка, кийинки күндөн тартып токтотулат.

## 6. КАМСЫЗДАНДЫРУУ СУММАСЫ, КАМСЫЗДАНДЫРУУ СЫЙЛЫГЫ, ТҮРҮ ЖАНА АНЫ ТӨЛӨӨ ТАРТИБИ.

6.1. Камсыздандыруу суммасы – бул Камсыздандыруучу камсыздандыруу келишими боюнча өз милдеттенмелерин аткаруу үчүн жоопкерчиликтүү болгон акчалай сумманын чеги.

6.2. Камсыздандыруу суммасы тараптардын макулдашуусу боюнча белгиленет. Камсыздандыруу суммасынын өлчөмү камсыздандыруу келишиминде АКШ долларында же Камсыздандырылуучунун каалоосу боюнча башка конвертирленүүчү валютада белгилениши мүмкүн.

6.3. Камсыздандыруу келишиминин мөөнөтү ичинде камсыздандыруу суммасынын өлчөмү жана/же Камсыздандырылган адамдардын саны Камсыздандыруучу менен макулдашуу боюнча Камсыздандырылуучу (Пайда алуучу) тарабынан өзгөртүлүшү мүмкүн.

6.4. Камсыздандыруу келишиминин мөөнөтү ичинде Камсыздандырылган адам Банктын (финансылык мекеменин) карыз алуучусунун камсыздандыруу суммасынын өлчөмү Пайда алуучу (Банк же башка

финансылык мекеме) менен макулдашуу боюнча Камсыздандыруучу тарабынан өзгөртүлүшү мүмкүн.

6.5. Камсыздандыруу сыйлыгы камсыздандыруу суммасына, тарифтик ставкаларга, жашына жана камсыздандыруу мөөнөтүнө жараша эсептелет.

6.6. Күтүүсүз кырсыктан камсыздандыруу боюнча тарифтик ставканын өлчөмү кесипти, жашты жана камсыздандыруу шарттарын эске алуу менен аныкталат.

6.7. Камсыздандыруу келишими Камсыздандырылган адамдын кызматтык милдеттерин аткаруу мезгилине да, ошондой эле күнү-түнү жоопкерчилик менен, башкача айтканда, Камсыздандырылган адам менен турмушта болгон камсыздандыруу окуяларын кошуп да түзүлүшү мүмкүн. Эгерде камсыздандыруу мөөнөтү бир жылдан аз болсо, тарифтик ставканын өлчөмү ушул Эрежелердин 4.5-пунктчасына ылайык пайыздык катышта эсептелет.

6.8. Камсыздандыруу келишими боюнча камсыздандыруу сыйлыгы Камсыздандырылуучу тарабынан бир жолу – камсыздандыруунун бүткүл мөөнөтү үчүн бир жолку төлөм менен же бөлүп төлөө менен төлөнүшү мүмкүн. Камсыздандыруу сыйлыгын (төгүмдөрдү) төлөө тартиби камсыздандыруу келишиминде (полисте) аныкталат.

## 7. ТАРАПТАРДЫН УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

7.1. Камсыздандыруу келишиминин колдонуу мөөнөтүндө Камсыздандырылуучу төмөнкү укуктарга ээ:

- 7.1.1. Эрежелерге ылайык камсыздандыруу келишимин мөөнөтүнөн мурда бузуу;
- 7.1.2. камсыздандыруу келишими (полиси) жоголгон учурда анын дубликатын алууга;
- 7.1.3. Камсыздандыруучу менен макулдашуу боюнча камсыздандыруу суммасынын өлчөмүн өзгөртүү;
- 7.1.4. Камсыздандырылган адамдардын курамын өзгөртүү, жумуштан бошотулган кызматкерлерди тизмеден чыгарып, эгерде камсыздандыруу келишиминин мөөнөтүндө чыгарылган Камсыздандырылган адамдар менен камсыздандыруу окуялары болбосо, алардын ордуна жаңы кабыл алынган кызматкерлерди киргизүү. Бул үчүн Камсыздандырылуучу 10 күндүн ичинде Камсыздандырылган адамдар жөнүндө керектүү маалыматтарды, тизмеден чыгарылгандарды да, киргизилгендерди да жазуу жүзүндө Камсыздандыруучуга билдирет.
- 7.1.5. "Күтүүсүз кырсыктын кесепетинен улам эмгекке убактылуу жарамсыз болуп калган учурда камсыздандыруу төлөмдөрүнүн өлчөмдөрүнүн таблицасын» камсыздандыруучу окуяны Камсыздандыруучу тарабынан камсыздандыруу окуясы деп таанылган учурда гана" суроо. Бул суроо Камсыздандырылуучу тарабынан жазуу түрүндө берилиши керек.

7.2. Камсыздандыруу келишиминин мөөнөтү ичинде Камсыздандырылган адам төмөнкүлөргө укуктуу:

- 7.2.1. Камсыздандырылуучунун макулдугу менен, өзүнүн өлүм учуруна карата камсыздандыруу төлөмүн алуучуну (Пайда алуучуну) дайындоо;
- 7.2.2. Камсыздандырылуучунун макулдугу менен Пайда алуучуну өзгөртүү;
- 7.2.3. Камсыздандыруучу менен макулдашуу боюнча камсыздандыруу суммасынын өлчөмүн өзгөртүү;
- 7.2.4. полис жоголгон учурда анын дубликатын алууга;
- 7.2.5. ал жоюлган учурда, Камсыздандырылуучунун милдеттерин аткаруу.

7.3. Камсыздандырылуучу (Камсыздандырылган адам) милдеттүү:

- 7.3.1. камсыздандыруу келишиминде (полисте) аныкталган мөөнөттө камсыздандыруу сыйлыгын өз убагында төлөөгө;
- 7.3.2. келишим түзүүдө жана мындан ары Камсыздандыруучуга тобокелдиктин даражасын баалоо үчүн маанилүү болгон бардык белгилүү жагдайлар жөнүндө билдирүүгө;
- 7.3.3. камсыздандыруу учурунун келип чыгуу коркунучун алдын алуу жана азайтуу максатында зарыл чараларды көрүү;
- 7.3.4. камсыздандыруу учуру келгенде, эгерде камсыздандыруу келишиминин шарттарында башкача каралбаса, окуя тууралуу билдирүүгө мүмкүнчүлүгү пайда болгон учурдан тартып үч күндүн ичинде Камсыздандыруучуга кабарлоо фактысын объективдүү түрдө каттоого мүмкүндүк берген, ага жеткиликтүү болгон ар кандай ыкма менен кабарлоосу зарыл;
- 7.3.5. камсыздандыруу окуясы болгон учурда, камсыздандыруу окуясынын фактысын, себебин, мүнөзүн жана кесепеттерин аныктоо үчүн Камсыздандыруучуга бардык керектүү документтерди берүүгө;

7.4. Камсыздандыруучу төмөнкү укуктарга ээ:

- 7.4.1. Камсыздандырылуучунун билдирген маалыматын, ошондой эле Камсыздандырылуучунун келишимдин шарттарын аткарышын текшерүү;
- 7.4.2. зарылчылыгына жараша компетенттүү органдарга суроо-талаптарды жөнөтүү;
- 7.4.3. камсыздандыруу окуясынын себептерин жана жагдайларын өз алдынча аныктоо;
- 7.4.4. Камсыздандырылган адамдын (пайда алуучунун) камсыздандыруу суммасын алууга укугу бар экенине шектенүү пайда болгон учурда, керектүү далилдер берилгенге чейин камсыздандыруу суммасын төлөөнү кечиктирүүгө;

7.4.5. эгерде Камсыздандырылуучу (камсыздандырылган жак) камсыздандыруу суммасын төлөөдөн баш тартса:

- Камсыздандыруу келишимин түзүү учурунда Камсыздандырылган адамдын ден соолугу жөнүндө жана камсыздандыруу келишиминин мөөнөтү ичинде анын ден соолугунун абалынын өзгөрүшү жөнүндө атайылап бурмаланган маалыматтарды билдирсе, эгерде бул өзгөрүү камсыздандыруу окуясынын келип чыгышынын түздөн-түз же кыйыр себеби болсо;
- камсыздандыруу окуясы жөнүндө өз убагында кабарлаган эмес;
- камсыздандыруу келишиминде белгиленген мөөнөттө кырсыктын себептерин, мүнөзүн жана анын кесепеттери менен байланышын аныктоо үчүн зарыл болгон документтерди жана маалыматтарды бербесе же атайылап жалган далилдерди көрсөтсө. Камсыздандыруучу, эгерде кырсык Камсыздандырылган жактын анын алдын алуу үчүн акылга сыярлык чараларды көрбөгөндүгүнүн натыйжасы болсо, келишим боюнча төлөмдөн баш тартууга укуктуу.

7.4.6. эгерде Камсыздандыруучу камсыздандыруу келишимин түзүүдө атайылап туура эмес маалымат бергени аныкталса, камсыздандыруу келишимин бузуу;

7.4.7. Камсыздандыруучу камсыздандыруу келишимин, эгерде Камсыздандырылуучу камсыздандыруу сыйлыгын же камсыздандыруу төгүмдөрүн келишимде белгиленген мөөнөттө төлөбөсө, бузууга укуктуу;

7.4.8. Камсыздандырылган адамдын (Банктын же башка каржы мекемесинин карыз алуучусунун) камсыздандыруу суммасын Пайда алуучу (Банк же башка каржы мекемеси) менен макулдашуу боюнча өзгөртүү;

7.4.9. Камсыздандырылуучуга ушул Эрежелерде каралбаган учурларда "Кырсыктын кесепетинен убактылуу эмгекке жарамсыздык учурунда камсыздандыруу төлөмдөрүнүн өлчөмдөрү таблицасын" берүүдөн баш тартуу.

7.5. Камсыздандыруучу милдеттүү:

7.5.1. Камсыздандырылуучуну ушул камсыздандыруу эрежелери менен тааныштыруу;

7.5.2. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларды кошпогондо, Камсыздандырылуучу жөнүндө маалыматтарды жарыя кылбоо;

7.5.3. камсыздандыруу келишимин (полисин) камсыздандыруу келишими түзүлгөн камсыздандыруу эрежелеринин тиркемеси менен келишимде белгиленген мөөнөттө берүүгө;

7.5.4. камсыздандыруу окуясы болгондо, камсыздандыруу окуясынын болгондугун жана анын кесепеттерин тастыктаган бардык керектүү документтер алынгандан кийин, ушул Эрежелерде, камсыздандыруу келишиминде белгиленген мөөнөттө камсыздандыруу суммасын төлөп берүү (же төлөөдөн баш тартуу).

7.6. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген өзгөртүүлөр жана толуктоолор Тараптардын өз ара макулдугу боюнча
камсыздандыруу келишимине киргизилиши мүмкүн.

## 8. КАМСЫЗДАНДЫРУУ ТӨЛӨМҮН (СУММАСЫН) ЭСЕПТӨӨ ЖАНА ТӨЛӨӨ ТАРТИБИ.

8.1. Камсыздандыруу төлөмү (суммасы) Камсыздандыруучу тарабынан камсыздандыруу келишиминин шарттарына ылайык, Камсыздандырылуучунун (Камсыздандырылган адамдын жана Пайда алуучунун) жазуу жүзүндөгү арызынын жана камсыздандыруу окуясынын фактысын тастыктаган документтердин негизинде жүргүзүлөт.

8.2. Камсыздандыруу окуясын камсыздандыруу деп таануу жөнүндө чечимди Камсыздандыруучу камсыздандыруу окуясынын келип чыгуу фактысын тастыктаган бардык керектүү документтер тиркелген Камсыздандырылуучунун (Камсыздандырылган адамдын, Пайда алуучунун) арызы берилген күндөн тартып 30 календардык күндүн ичинде кабыл алат.

8.3. Камсыздандыруу окуясы болгонун тастыктаган акыркы керектүү документ алынгандан кийин беш банктык күндүн ичинде камсыздандыруу төлөмү (суммасы) төлөнөт, эгерде камсыздандыруу келишиминде (полисте) башка мөөнөт так көрсөтүлбөсө. Төлөм күнү Камсыздандыруучунун эсептешүү эсебинен акча каражаттарын алып салуу же аларды кассадан берүү күнү болуп эсептелет.

8.4. Зарыл болгон учурда Камсыздандыруучу камсыздандыруу окуясы боюнча маалыматка ээ болгон укук коргоо органдарынан, медициналык мекемелерден жана башка ишканалардан, уюмдардан камсыздандыруу окуясына байланыштуу маалыматтарды сурайт.

8.5. Камсыздандыруу келишиминин аракетинин мөөнөтүндө болгон камсыздандыруу окуялары боюнча камсыздандыруу төлөмдөрүнүн жалпы суммасы камсыздандыруу суммасынан ашпашы керек.

8.6. Камсыздандыруу төлөмү мыйзам, эмгек же башка келишимдер менен белгиленген бардык жөлөк пулдардан, пенсиялардан жана башка социалдык төлөмдөрдөн көз карандысыз төлөнөт.

8.7. Кырсыктан улам жаракат алганда (майыптык белгиленгенде), эгерде келишимде башкача эсептөө тартиби каралбаса, кокустуктардан камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу суммасы төмөнкү өлчөмдө төлөнөт:

- I топтогу майыптуулук үчүн – камсыздандыруу суммасынын 100%;
- II топтогу майыптуулук үчүн - камсыздандыруу суммасынын 75%;
- III топтогу майыптуулук үчүн – камсыздандыруу суммасынын 50%;
- Жаракат алган учурда - Төлөмдөр "Кырсыктын кесепетинен убактылуу эмгекке жарамсыз болуп калганда камсыздандыруу төлөмдөрүнүн өлчөмдөрүнүн таблицасы" боюнча аныкталат.

Камсыздандыруу окуяларына байланыштуу мурда төлөнгөн суммаларды эске алуу менен камсыздандыруу төлөмүнүн суммасы бир жолу төлөнөт.

8.8. Камсыздандырылган адам камсыздандыруу окуясынын натыйжасында каза болгон учурда, эгерде келишимде башкача каралбаса, пайда алуучуга камсыздандыруу келишиминин колдонуу мөөнөтүндө болгон камсыздандыруу окуяларына байланыштуу мурда төлөнгөн суммалар чыгарылып салынган камсыздандыруу суммасы төлөнөт.

8.9. Камсыздандырылган учурдун натыйжасында Камсыздандырылган адам – Банктын (финансылык мекеменин) карыз алуучусу каза болгон учурда, Пайда алуучу (Банк же башка финансылык мекеме) карыз алуучунун кредиттин негизги суммасын жана кредитти пайдалангандыгы үчүн пайыздарды төлөө боюнча камсыздандыруу окуясы болгон күнгө карата карызынын өлчөмүндө, эгерде камсыздандыруу келишиминде башкача каралбаса, камсыздандыруу суммасынын чегинде камсыздандыруу суммасын алат.

8.10. Камсыздандырылган адам каза болгон учурда, камсыздандыруу суммасын төлөөдө төмөнкү артыкчылык сакталат:

8.10.1. биринчи кезекте – камсыздандыруу келишиминде (полисте) көрсөтүлгөн Пайда алуучунун пайдасына;

8.10.2. Пайда алуучу жок болгон учурда (дайындалган эмес, Камсыздандырылган адамдан мурда каза болгон, Камсыздандырылган адам менен бир убакта каза болгон), ошондой эле, эгерде Камсыздандырылган адамдын өлүмүнө Пайда алуучунун атайылап жасаган аракеттери себеп болсо – Камсыздандырылган адамдын керээзинде көрсөтүлгөн адамга;

8.10.3. 8.10.2-пункт боюнча алуучу жок болгон учурда, ошондой эле, эгерде Камсыздандырылган адамдын өлүмүнө анын керээзинде көрсөтүлгөн адамдын атайылап жасаган аракеттери себеп болсо, - Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдары боюнча Камсыздандырылган адамдын мураскери деп таанылган адамга мураска укук жөнүндө күбөлүк берилгенде. Эгерде Камсыздандырылган адам каза болгондон кийин Пайда алуучу дагы каза болуп, ага тиешелүү камсыздандыруу суммасын алууга үлгүрбөсө, анда ал сумма анын мураскорлоруна төлөнүп берилет, алар Камсыздандыруучуга мураска укук жөнүндө күбөлүк көрсөтүшү керек.

8.10.4. Эгерде мыйзамдуу мураскор Камсыздандырылган адамдын өлүмүнө күнөөлүү болсо же атайылап денесине залал келтирип, анын кесепетинен Камсыздандырылган адам каза болсо, камсыздандыруу суммасы башка мыйзамдуу мураскорлорго төлөнөт.

8.11. Соттун камсыздандырылган адамды каза болду деп жарыялоосунда, эгерде соттун чечиминде камсыздандырылган адам өлүмгө алып келүүчү жагдайларда же кырсыктын кесепетинен дайынсыз жоголгондугу жана анын жоголгон же болжолдуу каза болгон күнү камсыздандыруу келишиминин мөөнөтүнө туура келсе, камсыздандыруу суммасы төлөнүүгө тийиш. Камсыздандырылган адам сот тарабынан дайынсыз жоголгон деп таанылса, камсыздандыруу суммасы төлөнбөйт.

8.12. Камсыздандыруу төлөмү (суммасы) Пайда алуучунун мыйзамда белгиленген тартипте таризделген ишеним каты боюнча Пайда алуучунун өкүлүнө төлөнүп берилиши мүмкүн.

8.13. Камсыздандыруу төлөмү (суммасы) алуучуга банктагы эсептик счетуна которуу, алуучунун эсебинен почта аркылуу которуу, Камсыздандыруучунун кассасынан накталай акча менен же тараптардын макулдашуусу боюнча башка ыкма менен төлөнөт.

8.14. Камсыздандыруу төлөмүн (суммасын) төлөп берүү талабы Камсыздандыруучуга камсыздандыруу окуясы болгон күндөн тартып үч жылдын ичинде, эгерде Камсыздандыруучуга камсыздандыруу окуясы жөнүндө ушул Эрежелердин 7.3.4-пунктунда көрсөтүлгөн мөөнөттө кабар берилген болсо, коюлушу мүмкүн.

8.15. Камсыздандыруу суммасын алууга талапкер болгон адамга төлөөдөн баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алынганда, Камсыздандыруучу акыркы керектүү документ алынган күндөн тартып үч банктык күндүн ичинде баш тартуунун себебин ушул Эрежелердин жана камсыздандыруу келишиминин тиешелүү пункттарына шилтеме менен толук жазуу жүзүндө жооп бериши керек.

8.16. Камсыздандыруу суммасын алуу үчүн Камсыздандыруучуга төмөнкү документтерди тапшыруу керек:

8.16.1. Камсыздандырылуучу (Камсыздандырылган адам) тарабынан:

эмгекке жарамдуулугун жоготкондугуна байланыштуу:

- камсыздандыруу полиси;

- камсыздандыруу суммасын төлөөгө арыз;
- тиешелүү компетенттүү органдардан келген кырсыктын болгондугун тастыктаган, күбөлөндүргөн документтер;
- Кырсык болгондугун жана дарылануу мөөнөтүн тастыктаган дарылоо-профилактикалык мекемеден алынган документтер, анын ичинде убактылуу эмгекке жарамсыздык баракчасы (иштеген камсыздандырылган адамдар үчүн);
- майыптык тобун белгилөө жөнүндө МСЭК маалымкатынын көчүрмөсү;
- мыйзамдарда белгиленген тартипте жасалган ишти (кылмышты) далилдеген соттун чечими, прокуратуранын токтому же башка документтер; - кырсык болгон учурдагы акт (эгерде бар болсо);
- өздүгүн тастыктоочу документ.

8.16.2. Пайда алуучу тарабынан:

- камсыздандыруу полиси, камсыздандыруу суммасын алууга арыз, Камсыздандырылган адамдын өлүмү тууралуу күбөлүк же анын нотариалдык жактан тастыкталган көчүрмөсү, өлүмдүн себеби жөнүндө толук медициналык жана/же соттук-медициналык корутунду, инсандыгын тастыктоочу документ.

8.16.3. Камсыздандырылган адамдын мураскорлору тарабынан:

- 8.16.2-пунктча көрсөтүлгөн документтер, ошондой эле нотариалдык кеңсе тарабынан берилген мураска укук жөнүндө күбөлүк.

**9. КАМСЫЗДАНДЫРУУ КЕЛИШИМИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТАРТИБИ.**

9.1. Камсыздандыруу келишиминин колдонуу мөөнөтүндө Камсыздандыруучу төмөнкү өзгөртүүлөрдү киргизе алат:

- камсыздандыруу суммасынын өлчөмүн өзгөртүү бөлүгүндө;
- Камсыздандырылган адамдардын курамын өзгөртүү бөлүгүндө, жумуштан бошотулган кызматкерлерди тизмеден чыгарып, алардын ордуна жаңыдан кабыл алынган кызматкерлерди киргизүү, эгерде камсыздандыруу келишиминин мөөнөтүндө чыгарылып жаткан Камсыздандырылган адамдар менен камсыздандыруу окуялары болбосо;
- Камсыздандырылуучунун жазуу жүзүндөгү макулдугу менен Пайда алуучуну өзгөртүү бөлүгүндө.

9.2. Камсыздандыруу суммасы көбөйтүлгөндө, камсыздандыруу келишиминин аягына чейин калган толук айларга жараша эсептелген
сыйлыгын төлөө менен кошумча камсыздандыруу келишими түзүлөт.

**10. ТАЛАШТАРДЫ ЧЕЧҮҮ.**

10.1. Тараптар камсыздандыруу келишиминин шарттарын аткарбаган же талаптагыдай эмес аткарган учурда келип чыккан талаш-тартыштар тараптардын сүйлөшүүлөрү аркылуу чечилет, ал эми макулдашууга жетишилбеген учурда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте чечилет.

**Кырсык болгон учурда камсыздандыруу төлөмүн төлөп берүү өлчөмдөрүнүн ТАБЛИЦАСЫ**

| Берене | Жаракаттын мүнөзү | Камсыздандыруу төлөмүнүн өлчөмү (камсыздандыруу суммасынан % менен) |
|---|---|---|
| | **Баш сөөктөрү, нерв системасы** | |
| 1. | Баш сөөктөрүнүн сынышы:<br>а) баш сөөгүнүн төбөсүнүн сырткы пластинкасынын<br>б) баш сөөгүнүн төбөсүнүн<br>в) негизинин<br>г) баш сөөгүнүн төбөсүнүн жана негизинин | <br>5<br>15<br>20<br>25 |
| 2. | Баш сөөктүн ичиндеги мертинүү гематомалары:<br>а) эпидуралдык<br>б) субдуралдык, мээ ичиндеги<br>в) эпидуралдык жана субдуралдык (мээ ичиндеги) | <br>10<br>15<br>20 |
| 3. | Баш мээнин жабыркашы:<br>а) дарылануу мөөнөтү 3 күндөн 13 күнгө чейин (кошо алганда) болгон баш мээнин чайкалышы<br>б) дарылануу мөөнөтү 14 жана андан ашык күндү түзгөн баш мээнин чайкалышы<br>в) баш мээнин урунушу, субарахноидалдык кан куюлуу<br>г) баш сөөк көңдөйүндөгү алынбаган бөтөн нерселер (тигүүчү жана пластикалык материалдардан тышкары)<br>д) баш мээ затынын жанчылышы (симптоматика көрсөтүлбөстөн)<br>Эскертүүлөр:<br>1. Эгерде баш-мээ жаракатына байланыштуу баш сөөктөрүнө, баш мээге жана анын кабыктарына операциялык кийлигишүүлөр жасалса, кошумча түрдө камсыздандыруу суммасынын 10%ы бир жолу төлөнөт.<br>2. Бир жаракаттын натыйжасында бир беренеде саналган жабыркоолор келип чыкса, камсыздандыруу суммасы эң оор жабыркоону эске алган бир пунктча боюнча төлөнөт.<br>Ар башка беренелерде көрсөтүлгөн жабыркоолордо камсыздандыруу суммасы алардын ар бирин эске алуу менен суммалоо жолу менен төлөнөт. | <br>3<br><br>5<br><br>10<br>15<br><br>50 |
| 4. | Нерв системасынын жабыркашы (мертинүү, токсикалык, гипоксиялык), төмөнкүлөргө алып келген:<br>a) 16 жашка чейинки балдардагы астениялык синдром, дистония, энцефалопатия<br>b) арахноидит, энцефалит, арахноэнцефалит<br>c) эпилепсия (талма)<br>d) жогорку же төмөнкү монопарез (бир колдун же бир буттун парези)<br>e) геми- же парапарез (эки колдун же эки буттун парези, оң же сол тараптагы кол-буттун парези), амнезия (эстутумду жоготуу)<br>f) моноплегия (бир колдун же буттун шал болушу)<br>g) тетрапарез (кол-буттун парези), кыймыл координациясынын бузулушу, акыл-эстин начарлашы (деменция)<br>h) геми-, пара- же тетраплегия, афазия (сүйлөө жөндөмүн жоготуу), декортикация, жамбаш органдарынын функциясынын бузулушу<br>Эскертүүлөр:<br>**1.** 4-беренеде көрсөтүлгөн нерв системасынын жаракатынын кесепеттерине байланыштуу камсыздандыруу суммасы, эгерде алар дарылоо-алдын алуу мекемеси тарабынан жаракат алган күндөн тартып 3 айдан эрте эмес мөөнөттө аныкталып жана ошол мекеменин маалымкаты менен тастыкталса, жаракаттын эң оор кесепеттерин эске алган бир пунктча боюнча төлөнөт. Мында камсыздандыруу суммасы нерв системасынын жабыркашына алып келген | <br>5<br><br>10<br>15<br>30<br>40<br><br>60<br>70<br><br>100 |

| Берене | Жаракаттын мүнөзү | Камсыздандыруу төлөмүнүн өлчөмү (камсыздандыруу суммасынан % менен) |
|---|---|---|
| | камсыздандыруу окуяларына байланыштуу төлөнгөн камсыздандыруу суммасына кошумча төлөнөт. Төлөмдөрдүн жалпы суммасы 100%дан ашпашы керек.<br>**2.** Эгерде камсыздануучу жаракат жана анын кабылдоолору боюнча дарылануу жөнүндө маалымкаттарды берсе, камсыздандыруу суммасы 1, 2, 3, 5, 6 жана 4-беренелер боюнча суммалоо жолу менен төлөнөт.<br>**3.** Баш-мээ жаракатынын натыйжасында көрүүнүн курчтугу же угуу төмөндөсө, камсыздандыруу суммасы бул жаракатты жана көрсөтүлгөн кабылдоолорду эске алуу менен тиешелүү беренелер боюнча суммалоо жолу менен төлөнөт. | |
| 5. | Бир же бир нече баш-мээ нервдеринин периферийлык жабыркашы<br><br>Эскертүү.<br>Эгерде баш-мээ нервдеринин жабыркашы баш сөөгүнүн негизи сынганда пайда болсо, камсыздандыруу суммасы 1-берене боюнча төлөнөт; мында 5-берене колдонулбайт. | 10 |
| 6. | Жүлүндүн кайсы болбосун деңгээлде жабыркашы, ат куйруктун жабыркашы, полиомиелит, симптомдору көрсөтүлбөстөн:<br>а) чайкалышы<br>б) урунушу<br>в) кысылышы, гематомиелия, полиомиелит<br>г) жарым-жартылай үзүлүшү<br>д) жүлүндүн толук үзүлүшү<br><br>Эскертүүлөр:<br>1. Эгерде камсыздандыруу суммасы 6-берене (а, б, в, г) боюнча төлөнүп, андан кийин 4-беренеде саналган жана дарылоо-профилактика мекемесинин маалымкаты менен тастыкталган кабылдоолор пайда болсо, 4-берене боюнча камсыздандыруу суммасы мурда төлөнгөнгө кошумча төлөнөт.<br>2. Эгерде омуртканын жана жүлүндүн жаракатына байланыштуу операциялык кийлигишүүлөр жасалса, кошумча түрдө камсыздандыруу суммасынын 15%ы бир жолу төлөнөт. | <br><br>5<br>10<br>30<br>50<br>100 |
| 7. | Бир кол-буттагы травматикалык невриттер (манжа нервдеринин невриттеринен тышкары) | 5 |
| 8. | Моюн, ийин, бел, куймулчак өрүмдөрүнүн жабыркашы (үзүлүшү, жаракат алышы):<br>а) мертинүү плекситИ<br>б) өрүмдүн жарым-жартылай үзүлүшү<br>в) өрүмдүн үзүлүшү<br><br>Эскертүүлөр:<br>1. 7 жана 8-беренелер бир убакта колдонулбайт.<br>2. Жаракатка байланыштуу пайда болгон невралгиялар, невропатиялар камсыздандыруу суммасын төлөө үчүн негиз болбойт. | <br><br>10<br>40<br>70 |
| 9. | Нервдердин үзүлүшү:<br>а) билектеги каруу, чыканак, ортоңку нервдердин бутактарынын (манжа нервдеринин)<br>б) бирөөнүн: билек мууну жана кырк муун деңгээлинде каруу, чыканак же ортоңку нервдин; кичине же чоң жилик нервинин<br>в) эки же андан көп: билек мууну жана кырк муун деңгээлинде каруу, чыканак, ортоңку нервдердин; кичине жана чоң жилик нервдеринин<br>г) бирөөнүн: колтук астындагы, каруу, чыканак, ортоңку – чыканак мууну жана ийин деңгээлинде, отургуч же сан нервинин<br>д) эки же андан көп: колтук астындагы, каруу, чыканак, ортоңку – чыканак мууну жана ийин деңгээлинде, отургуч жана сан нервдеринин | <br>5<br><br>10<br><br>20<br><br>25<br><br>40 |

| Берене | Жаракаттын мүнөзү | Камсыздандыруу төлөмүнүн өлчөмү (камсыздандыруу суммасынан % менен) |
|---|---|---|
| | Эскертүү: Таман, буттун жана колдун манжаларынын деңгээлиндеги нервдердин жабыркашы камсыздандыруу суммасын төлөө үчүн негиз болбойт. | |
| | **Көрүү органдары** | |
| 10. | Бир көздүн аккомодациясынын шал болушу | 15 |
| 11. | Гемианопсия (бир көздүн көрүү талаасынын жарымынын түшүп калышы), көз чанагынын булчуңдарынын жабыркашы (мертинүү кылыйлык, птоз, диплопия) | 15 |
| 12. | Бир көздүн көрүү талаасынын тарышы::<br>a) концентрдик эмес<br>b) концентрдик | <br>10<br>15 |
| 13. | Бир көздүн пульсациялоочу экзофтальмы | 20 |
| 14. | Көрүүнүн курчтугунун төмөндөшүнө алып келбеген көздүн жабыркашы:<br>а) көз чанагынын тешип өтпөгөн жаракаты, гифема<br>б) көз чанагынын тешип өткөн жаракаты, II, III даражадагы күйүктөр, гемофтальм<br>Эскертүүлөр:<br>1. Даражасы көрсөтүлбөгөн көз күйүктөрү, ошондой эле патологиялык өзгөрүүлөргө алып келбеген I даражадагы көз күйүктөрү камсыздандыруу суммасын төлөө үчүн негиз болбойт.<br>2. Эгерде 14-беренеде саналган жабыркоолор көрүүнүн курчтугунун төмөндөшүнө алып келсе, камсыздандыруу суммасы 20-беренеге ылайык төлөнөт. Мында 14-берене колдонулбайт. Эгерде көз алмасынын жабыркашына байланыштуу камсыздандыруу суммасы 14-берене боюнча төлөнүп, кийинчерээк жаракат көрүүнүн курчтугунун төмөндөшү менен кабылдап, бул чоңураак өлчөмдө камсыздандыруу суммасын төлөөгө негиз берсе, мурда төлөнгөн камсыздандыруу суммасы кармалып калат.<br>3. Көздүн кабыктарындагы үстүртөн бөтөн нерселер камсыздандыруу суммасын төлөө үчүн негиз болбойт. | <br>3<br>5 |
| 15. | Бир көздүн жаш агуучу жолдорунун жабыркашы:<br>а) жаш агуучу жолдордун функциясынын бузулушуна алып келбеген<br>б) жаш агуучу жолдордун функциясынын бузулушуна алып келген | <br>5<br>10 |
| 16. | Көз жаракатынын кесепеттери:<br>а) конъюнктивит, кератит, иридоциклит, хориоретинит<br>б) көздүн түстүү чел кабыгынын кемтиги, чечекейдин жылышы, каректин формасынын өзгөрүшү, трихиаз (кирпиктердин туура эмес өсүшү), кабактын кайрылышы, көз чанагындагы жана көз чарасынын ткандарындагы алынбаган бөтөн нерселер, көз чанагынын жана ирмөөчтөрдүн кабыктарынын тырыктары (териден тышкары)<br><br>Эскертүүлөр:<br>а) Эгерде бир жаракаттын натыйжасында 16-беренеде саналган бир нече патологиялык өзгөрүүлөр келип чыкса, камсыздандыруу суммасы эң оор кесепетти эске алуу менен бир жолу төлөнөт.<br>b) Эгерде окулист-дарыгер көз жаракатынан кийин 3 айдан эрте эмес мөөнөттө 10, 11, 12, 13, 15б, 16-беренелерде саналган патологиялык өзгөрүүлөр жана көрүүнүн курчтугунун төмөндөшү бар экенин аныктаса, камсыздандыруу суммасы бардык кесепеттерди эске алуу менен суммалоо жолу менен төлөнөт, бирок бир көз үчүн 50%дан ашпашы керек. | <br>5<br>10 |
| 17. | Көрүүсү 0,01ден төмөн болбогон жалгыз көздүн же эки көздүн тең көрүүсүн толук жоготууга алып келген көздүн (көздөрдүн) жабыркашы | 100 |
| 18. | Жаракаттын натыйжасында сокур көздүн чанагын алып салуу | 10 |
| 19. | Көз чарасынын (орбитанын) сынышы | 10 |

| Берене | Жаракаттын мүнөзү | Камсыздандыруу төлөмүнүн өлчөмү (камсыздандыруу суммасынан % менен) |
|---|---|---|
| 20. | Көрүүнүн курчтугунун төмөндөшү (1-таблицаны караңыз)<br>Эскертүүлөр:<br>1. Жаракаттын натыйжасында көрүүнүн курчтугунун төмөндөшүнө жана башка кесепеттерге байланыштуу камсыздандыруу суммасын төлөө жөнүндө чечим дарылоо аяктагандан кийин, бирок жаракат алган күндөн тартып 3 айдан эрте эмес мөөнөттө кабыл алынат. Бул мөөнөт өткөндөн кийин камсыздандырылган жак эки көзүнүн тең көрүү курчтугун (коррекцияны эсепке албастан) жана алган жабыркоонун башка кесепеттерин аныктоо үчүн окулист-дарыгерге жиберилет. Мындай учурларда алдын ала камсыздандыруу суммасы 14, 15а, 19-беренелер боюнча жаракат фактысын эске алуу менен төлөнүшү мүмкүн.<br>2. Эгерде жабыркаган көздүн жаракатка чейинки көрүү курчтугу жөнүндө маалымат жок болсо, анда шарттуу түрдө ал жабыркабаган көздүкүндөй болгон деп эсептөө керек. Бирок, эгерде жабыркабаган көздүн көрүү курчтугу жабыркагандыкынан төмөн болсо, шарттуу түрдө жабыркаган көздүн көрүү курчтугу 1,0го барабар болгон деп эсептөө керек.<br>3. Эгерде жаракаттын натыйжасында эки көз тең жабыркап, алардын жаракатка чейинки көрүүсү жөнүндө маалымат жок болсо, шарттуу түрдө алардын көрүү курчтугу 1,0 болгон деп эсептөө керек.<br>4. Эгерде жаракаттан кийинки көрүүнүн курчтугунун төмөндөшүнө байланыштуу жасалма чечекей имплантацияланса же коррекциялоочу линза колдонулса, камсыздандыруу суммасы операцияга чейинки көрүү курчтугун эске алуу менен төлөнөт. | |
| | **Угуу органдары** | |
| 21. | Кулак калканынын жабыркашы, төмөнкүлөргө алып келген:<br>а) кемирчегинин сынышы<br>б) кулак калканынын 1/3 бөлүгүнө чейин жоктугу<br>в) кулак калканынын 1/3 - 1/2 бөлүгүнүн жоктугу<br>г) кулак калканынын 1/2 бөлүгүнөн ашыгынын жоктугу<br><br>Эскертүү:<br>21-берене (б, в, г) боюнча камсыздандыруу суммасын төлөө жөнүндө чечим жараат айыккандан кийин жүргүзүлгөн күбөлөндүрүүнүн маалыматтарынын негизинде кабыл алынат. Эгерде камсыздандыруу суммасы 21-берене боюнча төлөнсө, 58-берене колдонулбайт. | <br>3<br>5<br>10<br>30 |
| 22. | Бир кулактын жабыркашы, угуунун төмөндөшүнө алып келген:<br>а) шыбырды 1ден 3 мге чейинки аралыктан угуу<br>б) шыбырды 1 мге чейинки аралыктан угуу<br>в) толук дүлөйлүк (сүйлөшүү кеби - 0)<br><br>Эскертүү: Жаракаттын натыйжасында угуунун төмөндөшүнө байланыштуу камсыздандыруу суммасын төлөө жөнүндө чечим дарылоо аяктагандан кийин, бирок жаракат алган күндөн тартып 3 айдан эрте эмес мөөнөттө кабыл алынат. Бул мөөнөт өткөндөн кийин камсыздандырылган жак алган жабыркоонун кесепеттерин аныктоо үчүн ЛОР-адиске жиберилет. Мындай учурларда алдын ала камсыздандыруу суммасы 23, 24а-беренелер боюнча (эгер негиздер болсо) жаракат фактысын эске алуу менен төлөнүшү мүмкүн. | <br>5<br>15<br>25 |
| 23. | Жаракаттын натыйжасында бир тарсылдак жаргагынын айрылышы жана угуунун төмөндөшүнө алып келбеген учур<br><br>Эскертүүлөр:<br>1. Эгерде жаракаттын натыйжасында тарсылдак жаргагы айрылып, угуу төмөндөсө, камсыздандыруу суммасы 22-берене боюнча аныкталат. Мында 23-берене колдонулбайт. | 5 |

| Берене | Жаракаттын мүнөзү | Камсыздандыруу төлөмүнүн өлчөмү (камсыздандыруу суммасынан % менен) |
|---|---|---|
| | Эгерде тарсылдак жаргагынын айрылышы баш сөөгүнүн негизинин сынышынын (ортоңку баш сөөк чуңкуру) натыйжасында болсо, 23-берене колдонулбайт. | |
| 24. | Бир кулактын жабыркашы, посттравматикалык отитке алып келген:<br>a) курч ириңдүү<br>b) өнөкөт<br><br>Эскертүү:<br>24b-берене боюнча камсыздандыруу суммасы, эгерде жаракаттын бул кабылдоосу ЛОР-адис тарабынан жаракаттан кийин үч ай өткөндөн кийин аныкталса, кошумча төлөнөт. Бул мөөнөткө чейин камсыздандыруу суммасы тиешелүү берене боюнча жаракат фактысын эске алуу менен төлөнөт | <br>3<br>5 |
| | **Дем алуу системасы** | |
| **25.** | Мурун сөөктөрүнүн, кемирчегинин, маңдай, гаймор кобулдарынын алдыңкы капталынын, торчо сөөгүнүн сынышы, чыгышы<br><br>Эскертүү:<br>Эгерде мурун сөөктөрүнүн, кемирчегинин сынышына, чыгышына байланыштуу анын деформациясы келип чыкса жана бул дарылоо-алдын алуу мекемесинин маалымкаты жана күбөлөндүрүүнүн жыйынтыктары менен тастыкталса, камсыздандыруу суммасын төлөө 25 жана 58-беренелер боюнча (эгер бул беренени колдонууга негиздер болсо) суммалоо жолу менен жүргүзүлөт. | 5 |
| **26.** | Өпкөнүн жабыркашы, тери астындагы эмфизема, гемоторакс, пневмоторакс, пневмония, экссудативдик плеврит, көкүрөк көңдөйүндөгү бөтөн нерсе(лер):<br>а) бир тараптан<br>б) эки тараптан<br><br>Эскертүүлөр:<br>1. Жаракатты дарылоо мезгилинде же жаракатка байланыштуу жасалган операциялык кийлигишүүдөн кийин (көкүрөк тутумунун жана көкүрөк көңдөйүнүн органдарынын жабыркашынан тышкары) өнүккөн пневмония камсыздандыруу суммасын төлөө үчүн негиз болбойт.<br>2. Эгерде кабыргалардын, төш сөөгүнүн сынышы 26-беренеде каралган кабылдоолорго алып келсе, бул берене боюнча камсыздандыруу суммасы 28, 29-беренелерге кошумча төлөнөт. | <br><br>5<br>10 |
| **27.** | Көкүрөк тутумунунун жана анын органдарынын жабыркашы, төмөнкүлөргө алып келген:<br>а) өпкө жетишсиздиги (жаракат алган күндөн тартып 3 ай өткөндөн кийин)<br>б) өпкөнүн бир бөлүгүнүн, бөлүкчөсүнүн алынып салынышы<br>в) бир өпкөнүн алынып салынышы<br>Эскертүү:<br>Камсыздандыруу суммасы 27-берене (б, в) боюнча төлөнгөндө, 27а-беренеси колдонулбайт. | <br>10<br>40<br>60 |
| **28.** | Төш сөөгүнүн сынышы | 5 |
| **29.** | Ар бир кабырганын сынышы<br>Эскертүүлөр:<br>1. Жандандыруу иш-чаралар учурунда кабыргалар сынса, камсыздандыруу суммасы жалпы негиздерде төлөнөт.<br>2. Кабырганын кемирчек бөлүгүнүн сынышы камсыздандыруу суммасын төлөө үчүн негиз болот.<br>3. Эгерде ар кандай дарылоо-алдын алуу мекемелеринен алынган маалымкаттарда жабыркаган кабыргалардын саны ар башка көрсөтүлсө, камсыздандыруу суммасы кабыргалардын көп санын эске алуу менен төлөнөт. | 3 |

| Берене | Жаракаттын мүнөзү | Камсыздандыруу төлөмүнүн өлчөмү (камсыздандыруу суммасынан % менен) |
|---|---|---|
| **30.** | Көкүрөк клеткасынын тешип өткөн жаракаты, торакоскопия, торакоцентез, жаракатка байланыштуу жасалган торакотомия:<br>а) торакоскопия, торакоцентез; көкүрөк көңдөйүнүн органдары жабыркабаган жана торакотомия жасоону талап кылбаган тешип өткөн жаракат;<br>b) торакотомия (көкүрөк көңдөйүнүн органдары жабыркабаган учурда);<br>c) торакотомия (көкүрөк көңдөйүнүн органдары жабыркаган учурда);<br>d) кайталанган торакотомиялар (алардын санына карабастан).<br><br>Эскертүүлөр:<br>1. Эгерде көкүрөк клеткасынын жана анын органдарынын жабыркашына байланыштуу өпкө же анын бир бөлүгү алынып салынса, камсыздандыруу суммасы 27-беренеге ылайык төлөнөт; мында 30-берене колдонулбайт; 30 жана 26-беренелер бир убакта колдонулбайт.<br>2. Эгерде көкүрөк көңдөйүнүн жаракатына байланыштуу торакоскопия, торакоцентез, торакотомия жасалса, камсыздандыруу суммасы эң татаал кийлигишүүнү эске алуу менен бир жолу төлөнөт. | <br><br>5<br><br>10<br>15<br>10 |
| **31.** | Функциянын бузулушун пайдакылбаган коконун, кекиртектин, тил астындагы сөөктүн, калкан сымал кемирчектин жабыркашы, жаракатка байланыштуу жасалган трахеостомия<br><br>Эскертүү.<br>Эгерде мертинүүгө байланыштуу бронхоскопия, трахеостомия (трахеотомия) жүргүзүлсө, кошумча 5% камсыздандыруу суммасы төлөнөт. | 5 |
| **32.** | Төмөнкүлөргө алып келген коконун, кекиртектин, тил астындагы сөөктүн, калкан сымал кемирчектин жабыркашы, жаракатка байланыштуу жасалган трахеостомия<br>а) үнүнүн каргылданышы же жоголушу, жаракаттан кийин 3 айдан кем эмес убакыт бою трахеостомиялык түтүктү тагынып жүрүү<br>b) үнүнүн жоголушу, жаракаттан кийин 6 айдан кем эмес убакыт бою трахеостомиялык түтүктү тагынып жүрүү<br><br>Эскертүү.<br>32-берене боюнча камсыздандыруу суммасы 31-берене боюнча жаракатка байланыштуу төлөнгөн камсыздандыруу суммасына кошумча төлөнөт. Эгерде камсыздануучу өз арызында жаракат коконун же кекиртектин функциясынын бузулушуна алып келгенин көрсөтсө, жаракаттан кийин 3 ай өткөндөн кийин адистин корутундусун алуу зарыл. Бул мөөнөткө чейин камсыздандыруу суммасы 31-берене боюнча төлөнөт. | <br><br><br>10<br><br>20 |
| | **Жүрөк-кан тамыр системасы** | |
| 33. | Жүрөктүн, анын кабыктарынын жана ири магистралдык кан тамырлардын жүрөк-кан тамыр жетишсиздигине алып келбеген жабыркашы | 25 |
| 34. | Жүрөктүн, анын кабыктарынын жана ири магистралдык кан тамырлардын жүрөк-кан тамыр жетишсиздигине алып келген жабыркашы:<br>а) I даражадагы<br>b) II - III даражадагы<br><br>Эскертүү:<br>Эгерде №195 формасындагы маалымкатта жүрөк-кан тамыр жетишсиздигинин даражасы көрсөтүлбөсө, камсыздандыруу суммасы 34а-беренеси боюнча төлөнөт. | <br><br>10<br>25 |
| 35. | Ири перифериялык кан тамырлардын (кан айлануунун бузулушуна алып келбеген) төмөнкү деңгээлдеги жабыркашы:<br>а) ийин, сан<br>b) каруу, шыйрак | <br><br>10<br>5 |

| Берене | Жаракаттын мүнөзү | Камсыздандыруу төлөмүнүн өлчөмү (камсыздандыруу суммасынан % менен) |
|---|---|---|
| 36. | Повреждение крупных периферических сосудов, повлекшее за собой сосудистую недостаточность<br><br>Эскертүүлөр:<br>1. Ири магистралдык кан тамырларга төмөнкүлөр кирет: аорта, өпкө, аталышы жок, күрөө тамырлары, ички көк күрөө тамырлар, жогорку жана төмөнкү көңдөй веналар, капка тамырлар, ошондой эле ички органдардын кан айлануусун камсыз кылган магистралдык кан тамырлар.<br>Ири перифериялык кан тамырларга төмөнкүлөр кирет: акырек астындагы, колтук астындагы, ийин, чыканак жана билек тамырлары, жамбаш, сан, тизе астындагы, алдыңкы жана арткы чоң жилик артериялары; ийин-баш, акырек астындагы, колтук астындагы, сан жана тизе астындагы көк кан тамырлары.<br>2. Эгерде камсыздануучу өз арызында жаракат жүрөк-кан тамыр системасынын функциясынын бузулушуна алып келгенин көрсөтсө, адистин корутундусун алуу зарыл.<br>3. 34, 36-беренелер боюнча камсыздандыруу суммасы, эгерде бул беренелерде көрсөтүлгөн жаракаттын кабылдоолору дарылоо-профилактика мекемесинде жаракаттан кийин 3 ай өткөндөн кийин аныкталып жана ошол мекеменин маалымкаты менен тастыкталса, кошумча төлөнөт. Бул мөөнөткө чейин төлөм 33, 35-беренелер боюнча жүргүзүлөт.<br>3. Эгерде ири кан тамырлардын жабыркашына байланыштуу кан тамыр нугун калыбына келтирүү максатында операциялар жасалса, кошумча түрдө камсыздандыруу суммасынын 5%ы төлөнөт. | 20 |
| | **Тамак сиңирүү органдары** | |
| 37. | Үстүңкү жаактын, бет сөөгүнүн же астыңкы жаактын сынышы, жаактын чыгышы:<br>a) бир сөөктүн сынышы, жаактын чыгышы<br>b) эки же андан көп сөөктүн сынышы же бир сөөктүн кош сынышы<br><br>Эскертүүлөр:<br>1. Стоматологиялык манипуляциялар учурунда кокустан болгон жаак сыныгында камсыздандыруу суммасы жалпы негиздерде төлөнөт.<br>2. Тиштерди жоготуу учурунда болгон альвеолярдык урчуктун сынышы камсыздандыруу суммасын төлөө үчүн негиз болбойт.<br>3. Эгерде жаактардын, бет сөөктөрүнүн жаракатына байланыштуу операциялык кийлигишүүлөр жасалса, кошумча түрдө камсыздандыруу суммасынын 5%ы бир жолу төлөнөт. | <br><br>5<br>10 |
| 38. | Көнүмүш (адаттагы) жаак чыгуусу<br><br>Эскертүү:<br>Астыңкы жаактын көнүмүш чыгуусунда камсыздандыруу суммасы 37-берене боюнча төлөнгөн камсыздандыруу суммасына кошумча төлөнөт, эгерде бул кабылдоо камсыздандыруу мезгилинде алынган жаракаттын натыйжасында жана андан кийин 3 жылдын ичинде келип чыкса. Жаактын көнүмүш чыгуусу кайталанганда камсыздандыруу суммасы төлөнбөйт. | 10 |
| 39. | Төмөнкүлөрдүн жоктугуна алып келген жаактын жабыркашы:<br>a) жаактын бир бөлүгүнүн (альвеолярдык урчуктан тышкары)<br>b) жаактын<br><br>Эскертүүлөр:<br>1. Жаактын же анын бир бөлүгүнүн жоктугуна байланыштуу камсыздандыруу суммасын төлөөдө тиштердин санына карабастан, алардын жоготулушу да эске алынган.<br>2. Жаактын жаракаты ооз көңдөйүнүн башка органдарынын жабыркашы менен коштолгон учурларда, төлөнүүгө тийиш болгон камсыздандыруу | <br>40<br>80 |

| Берене | Жаракаттын мүнөзү | Камсыздандыруу төлөмүнүн өлчөмү (камсыздандыруу суммасынан % менен) |
|---|---|---|
| | суммасынын пайызы бул жабыркоолорду эске алуу менен тиешелүү беренелер боюнча суммалоо жолу менен аныкталат.<br>3. 39-берене боюнча камсыздандыруу суммасы төлөнгөндө, операциялык кийлигишүүлөр үчүн кошумча камсыздандыруу суммасы төлөнбөйт. | |
| 40. | Тилдин, ооз көңдөйүнүн жабыркашы (жаракат, күйүк, үшүк алуу), тырыктардын (өлчөмүнө карабастан) пайда болушуна алып келген | 3 |
| 41. | Төмөнкүлөргө алып келген тилдин жабыркашы:<br>a) тилдин учунун жоктугу<br>b) тилдин дисталдык үчтөн бир бөлүгүнүн жоктугу<br>c) тилдин ортоңку үчтөн бир бөлүгүнүн деңгээлинде жоктугу<br>d) тилдин түбүнүн деңгээлинде жоктугу же тилдин толук жоктугу | <br>10<br>15<br>30<br>60 |
| 42. | Төмөнкүлөргө алып келген тиштердин жабыркашы:<br>a) тиштин таажысынын сынып калышы, тиштин сынышы (таажысы, моюну, тамыры), тиштин чыгышы жоготуу:<br>b) 1 тиштин<br>c) 2-3 тиштин<br>d) 4-6 тиштин<br>e) 7-9 тиштин<br>f) 10 жана андан ашык тиштин<br><br>Эскертүүлөр:<br>1. Алынбай турган протездери бар тиштер жаракаттын натыйжасында сынса же жоготулса, камсыздандыруу суммасы таяныч тиштердин жоготулушун гана эске алуу менен төлөнөт. Жаракаттын натыйжасында алынма протездер жабыркаса, камсыздандыруу суммасы төлөнбөйт.<br>2. 5 жашка чейинки балдардын сүт тиштери жоготулса же сынса, камсыздандыруу суммасы жалпы негиздерде төлөнөт.<br>3. Тиштерди жоготууда жана жаак сынганда, төлөнүүгө тийиш болгон камсыздандыруу суммасынын өлчөмү 37 жана 42-беренелер боюнча суммалоо жолу менен аныкталат.<br>4. Эгерде тиштин жаракатына байланыштуу камсыздандыруу жөлөкпулу 42а-беренеси боюнча төлөнүп, кийинчерээк ал тиш алынып салынса, төлөнүүгө тийиш болгон камсыздандыруу суммасынан мурда төлөнгөн камсыздандыруу жөлөкпулу кармалып калат.<br>5. Эгерде жаракатка байланыштуу алынып салынган тиш имплантацияланса, камсыздандыруу суммасы 42-берене боюнча жалпы негиздерде төлөнөт. Бул тиш кайра алынып салынган учурда кошумча төлөм жүргүзүлбөйт. | <br>3<br><br>5<br>10<br>15<br>20<br>25 |
| 43. | Кулкундун, кызыл өңгөчтүн, ашказандын, ичегинин жабыркашы (жаракат, үзүлүү, күйүк), ошондой эле бул жабыркоолорго байланыштуу же кызыл өңгөчтөн, ашказандан бөтөн нерселерди алуу максатында жасалган эзофагогастроскопия, функционалдык бузулууларга алып келбеген учур | 5 |
| 44. | Төмөнкүлөргө алып келген кызыл өңгөчтүн жабыркашы (жаракат, үзүлүү, күйүк):<br>a) кызыл өңгөчтүн тарышы<br>b) кызыл өңгөчтүн өткөрбөстүгү (гастростома болгондо), ошондой эле кызыл өңгөчтүн пластикасынан кийинки абал<br><br>Эскертүү.<br>44-берене боюнча төлөнүүгө тийиш болгон камсыздандыруу суммасынын пайызы жаракат алган күндөн тартып 6 айдан эрте эмес мөөнөттө аныкталат. Бул мөөнөткө чейин камсыздандыруу суммасы алдын ала 43-берене боюнча төлөнөт жана бул пайыз акыркы чечим кабыл алынганда кармалып калат. | <br><br>40<br>100 |
| 45. | Тамак сиңирүү органдарынын жабыркашы (үзүлүү, күйүк, жаракат), кокустан катуу ууланyу, төмөнкүлөргө алып келген:<br>a) холецистит, дуоденит, гастрит, панкреатит, энтерит, колит, проктит, парапроктит | <br><br><br>5 |

| Берене | Жаракаттын мүнөзү | Камсыздандыруу төлөмүнүн өлчөмү (камсыздандыруу суммасынан % менен) |
|---|---|---|
| | b) ашказандын, ичегинин, арткы өткөөлдүн тырык менен тарышы (деформациясы)<br>c) жабышма оорусу, жабышма өткөрбөстүгүнө байланыштуу операциядан кийинки абал<br>d) ичеги тешик жарасы, ичеги-кын тешик жарасы, уйку безинин тешик жарасы<br>e) табигый эмес арткы тешик (колостома)<br><br>Эскертүүлөр:<br>1. "a", "b", "c" пунктчаларында каралган жаракаттын кабылдоолорунда камсыздандыруу суммасы, эгерде бул кабылдоолор жаракаттан кийин 3 ай өткөндөн кийин да сакталса, ал эми "d" жана "e" пунктчаларында каралгандар – жаракаттан кийин 6 ай өткөндөн кийин сакталса төлөнөт.<br>Көрсөтүлгөн жаракаттын кабылдоолору дарылоо-алдын алуу мекемесинин маалымкаты менен тастыкталган учурда гана таанылат. Бул мөөнөттөргө чейин камсыздандыруу суммасы 43-берене боюнча төлөнөт жана бул пайыз акыркы чечим кабыл алынганда кармалбайт.<br>2.. Эгерде бир жаракаттын натыйжасында бир пунктчада саналган кабылдоолор келип чыкса, камсыздандыруу суммасы бир жолу төлөнөт. Бирок, эгерде ар башка пунктчаларда саналган патологиялык өзгөрүүлөр келип чыкса, камсыздандыруу суммасы алардын ар бирин эске алуу менен суммалоо жолу менен төлөнөт. | 15<br>25<br>50<br>100 |
| 46. | Курсак керегесинин, диафрагманын жабыркаган жеринде же операциядан кийинки тырыктын аймагында пайда болгон грыжа (чурку), эгерде операция жаракатка байланыштуу жасалса, же ушундай грыжага байланыштуу операциядан кийинки абал<br><br>Эскертүүлөр:<br>1. 46-берене боюнча камсыздандыруу суммасы ич органдарынын жаракатына байланыштуу аныкталган камсыздандыруу суммасына кошумча төлөнөт, эгерде ал ошол жаракаттын түздөн-түз кесепети болсо.<br>2. Оор нерсе көтөрүүнүн натыйжасында пайда болгон ич грыжалары (киндик, ак сызык, чат жана чат-калта грыжалары) камсыздандыруу суммасын төлөө үчүн негиз болбойт. | 10 |
| 47. | Жаракаттын же кокустан катуу уулануунун натыйжасында боордун жабыркашы, төмөнкүлөргө алып келген:<br>a) операциялык кийлигишүүнү талап кылбаган боордун капсула астындагы үзүлүшү, гепатит, жаракатка түздөн-түз байланыштуу өнүккөн сары суу гепатити, гепатоз<br>b) боор жетишсиздиги | 5<br>10 |
| 48. | Боордун, өт баштыкчасынын жабыркашы, төмөнкүлөргө алып келген:<br>a) боордун үзүлгөн жерлерин тигүү же өт баштыкчасын алып салуу<br>b) боордун үзүлгөн жерлерин тигүү жана өт баштыкчасын алып салуу<br>c) боордун бир бөлүгүн алып салуу<br>d) боордун бир бөлүгүн жана өт баштыкчасын алып салуу | 15<br>20<br>25<br>35 |
| 49. | Көк боордун жабыркашы, төмөнкүлөргө алып келген:<br>a) операциялык кийлигишүүнү талап кылбаган көк боордун капсула астындагы үзүлүшү<br>b) көк боорду алып салуу | 5<br>30 |
| 50. | Ашказандын, уйку безинин, ичегинин, чычыркайдын жабыркашы, төмөнкүлөргө алып келген:<br>a) уйку безинин жалган кистасынын пайда болушу<br>b) ашказанды, ичегини, уйку безин резекциялоо<br>c) ашказанды алып салуу<br><br>Эскертүү: | 20<br>30<br>60 |

| Берене | Жаракаттын мүнөзү | Камсыздандыруу төлөмүнүн өлчөмү (камсыздандыруу суммасынан % менен) |
|---|---|---|
| | Бир пунктчада саналган жаракаттын кесепеттеринде камсыздандыруу суммасы бир жолу төлөнөт. Бирок эгерде ар кандай органдардын жаракаты ар башка пунктчаларда көрсөтүлгөн кабылдоолорго алып келсе, камсыздандыруу суммасы алардын ар бирин эске алуу менен суммалоо жолу менен төлөнөт. | |
| 51. | Ич органдарынын жабыркашы, ага байланыштуу төмөнкүлөр жасалган:<br>a) лапароскопия (лапароцентез)<br>b) ич органдарынын жабыркашына шек болгондогу лапаротомия (анын ичинде лапароскопия, лапароцентез менен)<br>c) ич органдары жабыркагандагы лапаротомия (анын ичинде лапароскопия, лапароцентез менен)<br>d) кайталанган лапаротомиялар (алардын санына карабастан)<br><br>Эскертүүлөр:<br>1. Эгерде ич органдарынын жаракатына байланыштуу 47-50-беренелер боюнча камсыздандыруу суммасын төлөөгө негиздер болсо, 51-берене ("d " пунктчасынан тышкары) колдонулбайт.<br>2. Эгерде бир жаракаттын натыйжасында ич көңдөйүнүн ар кандай органдары жабыркап, алардын бир же бир нечеси алынып салынып, ал эми башкасы (башкалары) тигилсе, камсыздандыруу суммасы тиешелүү беренелер жана 51b -беренеси боюнча бир жолу төлөнөт.<br>3. Бир жаракаттын натыйжасында тамак сиңирүү, заара чыгаруучу же жыныс системасынын органдары жабыркаса (алар алынып салынбастан), кошумча түрдө 55-берене боюнча камсыздандыруу суммасы (5%) төлөнөт. | <br>5<br>10<br><br>15<br><br>10 |
| | **Заара чыгаруучу жана жыныс системалары** | |
| 52. | Бөйрөктүн жабыркашы, төмөнкүлөргө алып келген:<br>a) бөйрөктүн урунушу, операциялык кийлигишүүнү талап кылбаган бөйрөктүн капсула астындагы үзүлүшү<br>b) бөйрөктүн бир бөлүгүн алып салуу<br>c) бөйрөктү алып салуу | <br>5<br><br>30<br>60 |
| 53. | Заара чыгаруучу системанын органдарынын (бөйрөктөр, заара түтүктөрү, табарсык, заара чыгаруучу канал) жабыркашы, төмөнкүлөргө алып келген:<br>a) цистит, уретрит<br>b) курч бөйрөк жетишсиздиги, пиелит, пиелоцистит<br>c) табарсыктын көлөмүнүн кичирейиши<br>d) гломерулонефрит, пиелонефрит, заара түтүгүнүн, заара чыгаруучу каналдын тарышы<br>e) узакка кысылуу синдрому (травматикалык токсикоз, краш-синдром, жанчылуу синдрому), өнөкөт бөйрөк жетишсиздиги<br>f) заара түтүгүнүн, заара чыгаруучу каналдын өткөрбөстүгү, заара-жыныс фистулалары (жылаңач көзөнөктөрү)<br><br>Эскертүүлөр:<br>1. Эгерде жаракаттын натыйжасында заара чыгаруучу системанын бир нече органынын функциясы бузулса, төлөнүүгө тийиш болгон камсыздандыруу суммасынын пайызы 53-берененин эң оор кесепетти эске алган бир пунктчасы боюнча аныкталат.<br>2. 53-берененин “a”, “c”, “d”, “e” жана " f " пунктчаларында саналган жаракаттын кесепеттерине байланыштуу камсыздандыруу суммасы, эгерде бул кабылдоолор жаракаттан кийин 3 ай өткөндөн кийин да сакталса төлөнөт. Бул мөөнөткө чейин камсыздандыруу суммасы 52 же 55а-беренеси боюнча төлөнөт жана бул пайыз акыркы чечим кабыл алынганда кармалбайт. | <br><br>5<br>10<br>15<br>25<br><br>30<br><br>40 |
| 54. | Заара чыгаруучу системанын органдарынын жаракатына байланыштуу жасалган операциялык кийлигишүүлөр:<br>a) цистостомия | <br><br>5 |

| Берене | Жаракаттын мүнөзү | Камсыздандыруу төлөмүнүн өлчөмү (камсыздандыруу суммасынан % менен) |
|---|---|---|
| | b) органдардын жабыркашына шек болгондо<br>c) органдар жабыркаганда<br>d) жаракатка байланыштуу жасалган кайталанган операциялар (алардын санына карабастан)<br><br>Эскертүү:<br>Эгерде жаракатка байланыштуу бөйрөк же анын бир бөлүгү алынып салынса, камсыздандыруу суммасы 52(b,c)-беренеси боюнча төлөнөт; мында 54-берене колдонулбайт. | 10<br>15<br>10 |
| 55. | Жыныс же заара чыгаруучу системанын органдарынын жабыркашы:<br>a) жаракат, үзүлүү, күйүк, үшүк алуу<br>b) төмөнкү курактагы адамды зордуктоо:<br>15 жашка чейин<br>15тен 18 жашка чейин<br>18 жаш жана андан улуу | <br>5<br><br>50<br>30<br>15 |
| 56. | Жыныс системасынын жабыркашы, төмөнкүлөргө алып келген:<br>a) бир энелик безди, жатын түтүгүн, эркектин бир энин алып салуу<br>b) эки энелик безди, эки жатын түтүгүн, эркектин эки энин, жыныс мүчөсүнүн бир бөлүгүн алып салуу<br>c) төмөнкү курактагы аялдардын жатынын жоготуусу:<br>40 жашка чейин<br>40тан 50 жашка чейин<br>50 жаш жана андан улуу<br>d) жыныс мүчөсүн жана эки энди тең жоготуу | <br>15<br>30<br><br><br>50<br>30<br>15<br>50 |
| 57. | Жатындан тышкаркы кош бойлуулук, патологиялык төрөт, төмөнкүлөргө алып келген:<br>a) жалгыз жатын түтүгүн, жалгыз энелик безди алып салуу<br>b) эки жатын түтүгүн, эки энелик безди алып салуу<br>c) төмөнкү куракта жатынды (анын кошумчалары менен кошо) жоготуу:<br>40 жашка чейин<br>40тан 50 жашка чейин<br>50 жаш жана андан улуу<br><br>Эскертүү:<br>Жатындан тышкаркы кош бойлуулук боюнча операция учурунда кош бойлуу түтүк менен бирге экинчи жатын түтүгү анын оорусуна байланыштуу же стерилизация максатында алынып салынса (байланса), камсыздандыруу суммасы 57а-беренеси боюнча төлөнөт. | <br><br>15<br>30<br><br>50<br>30<br>15 |
| | **Жумшак ткандар** | |
| 58. | Беттин, моюндун алдыңкы-каптал бетинин, жаак астындагы аймактын, кулак калкандарынын жумшак ткандарынын жабыркашы, айыккандан кийин төмөнкүлөргө алып келген:<br>a) аянты 0,5тен 1,0 $см^2$ге чейинки тырыктардын пайда болушу<br>b) аянты 1,0 $см^2$ жана андан ашык же узундугу 5 см жана андан ашык тырыктардын пайда болушу<br>c) косметикалык олуттуу бузулуу<br>d) косметикалык кескин бузулуу<br>e) кебетенин бузулушу<br><br>Эскертүүлөр:<br>1. Косметикалык жактан байкаларлык тырыктарга түсү боюнча курчап турган териден айырмаланган, ичине кирген же бетинен чыгып турган, ткандарды тарткан тырыктар кирет. Кебетенин бузулушу – бул механикалык, химиялык, термикалык жана башка зомбулук таасирлеринин натыйжасында адамдын бетинин табигый көрүнүшүнүн кескин өзгөрүшү. | <br><br><br>3<br>5<br><br>10<br>30<br>70 |

| Берене | Жаракаттын мүнөзү | Камсыздандыруу төлөмүнүн өлчөмү (камсыздандыруу суммасынан % менен) |
|---|---|---|
| | 2. Эгерде бет сөөктөрүнүн сыныктарынын жылышы менен сынышына байланыштуу операция (ачык репозиция) жасалып, анын натыйжасында бетте тырык пайда болсо, камсыздандыруу суммасы сыныкты жана операциядан кийинки тырыкты эске алуу менен төлөнөт, эгерде бул тырык косметиканы тигил же бул даражада бузса.<br>3. Эгерде беттин, моюндун алдыңкы-каптал бетинин, жаак астындагы аймактын жумшак ткандарынын жабыркашынын натыйжасында тырык же пигменттик так пайда болуп, буга байланыштуу камсыздандыруу суммасынын тиешелүү бөлүгү төлөнсө, андан кийин камсыздандырылган жак жаңы тырыктардын (пигменттик тактардын) пайда болушуна алып келген кайталанган жаракат алса, камсыздандыруу суммасы кайталанган жаракаттын кесепеттерин эске алуу менен кайрадан төлөнөт. | |
| 59. | Баштын чачтуу бөлүгүнүн, дененин, кол-буттун жумшак ткандарынын жабыркашы, айыккандан кийин төмөнкү аянттагы тырыктардын пайда болушуна алып келген:<br>a) 2,0ден 5,0 см$^2$ге чейин же узундугу 5 см жана андан ашык<br>b) 5 см$^2$ден дене бетинин 0,5%ына чейин<br>c) 0,5%дан 2,0%га чейин<br>d) 2,0%дан 4,0%га чейин<br>e) 4%дан 6%га чейин<br>f) 6%дан 8%ге чейин<br>g) 8%дан 10%га чейин<br>h) 10%дан 15%га чейин<br>i) 15% жана андан ашык<br><br>Эскертүүлөр:<br>1. Изилденүүчү дене бетинин 1%ы анын алаканынын жана манжаларынын бетинин аянтына барабар. Бул аянт чарчы сантиметр менен алакандын узундугун (билек муунунан III манжанын тырмак шыйбылчактарынын учуна чейин өлчөнөт) анын туурасына (II-V алакан сөөктөрүнүн баштарынын деңгээлинде өлчөнөт, I манжаны эсепке албастан) көбөйтүү жолу менен аныкталат.<br>2.Тырыктардын аянтын аныктоодо жабыркаган теринин кемтигин алмаштыруу үчүн тери трансплантаты алынган жерде пайда болгон тырыктарды да эске алуу керек.<br>3.Эгерде камсыздандыруу суммасы операциялык кийлигишүү үчүн (ачык жабыркоолордо, тарамыштарды пластикалоодо, кан тамырларды, нервдерди тигүүдө ж.б.) төлөнсө, 59-берене колдонулбайт. | <br><br><br>3<br>5<br>10<br>15<br>20<br>25<br>30<br>35<br>40 |
| 60. | Дененин, кол-буттун жумшак ткандарынын жабыркашы, төмөнкү аянттагы пигменттик тактардын пайда болушуна алып келген:<br>a) дене бетинин 1%ынан 2%ына чейин<br>b) 2%ынан 10%ына чейин<br>c) 10%ынан 15%ына чейин<br>d) жана андан ашык<br><br>Эскертүүлөр:<br>1. 58, 59 жана 60-беренелер боюнча камсыздандыруу суммасын төлөө жөнүндө чечим жараат беттери айыккандан кийин, бирок жаракаттан кийин 1 айдан эрте эмес мөөнөттө жүргүзүлгөн күбөлөндүрүүнүн маалыматтарын эске алуу менен кабыл алынат.<br>2. 59 жана 60-беренелер боюнча төлөмдөрдүн жалпы суммасы 40%дан ашпашы керек. | <br><br>3<br>5<br>10<br>15 |
| 61. | Күйүк оорусу, күйүк шогу<br><br>Эскертүү: | 10 |

| Берене | Жаракаттын мүнөзү | Камсыздандыруу төлөмүнүн өлчөмү (камсыздандыруу суммасынан % менен) |
|---|---|---|
| | 61-берене боюнча камсыздандыруу суммасы күйүккө байланыштуу төлөнүүчү камсыздандыруу суммасына кошумча төлөнөт. | |
| 62. | Жумшак ткандардын жабыркашы:<br>а) алынбаган бөтөн нерселер<br>b) булчуң грыжасы (чуркусу), посттравматикалык периостит, аянты 2 $см^2$ден кем эмес тарабаган гематома, булчуңдардын үзүлүшү<br>с) тарамыштардын үзүлүшү (кол манжаларынан тышкары), таяныч-кыймыл аппаратынын башка бөлүгүнөн аутотрансплантат алуу<br><br>Эскертүүлөр:<br>1. Тарабаган гематомага, булчуң грыжасына же посттравматикалык периоститке байланыштуу камсыздандыруу суммасы, эгерде жаракаттын бул кабылдоолору жаракат алган күндөн тартып 1 ай өткөндөн кийин да сакталса төлөнөт.<br>2. 62-берене боюнча камсыздандыруу суммасын (бир жолку жөлөкпулду) төлөө жөнүндө чечим жаракаттан кийин 1 айдан эрте эмес мөөнөттө жүргүзүлгөн күбөлөндүрүүнүн маалыматтарын эске алуу менен кабыл алынат. | <br>3<br>3<br><br>5 |
| | **Омуртка** | |
| 63. | Омурткалардын денелеринин, жааларынын жана муун урчуктарынын сынышы, сыныпчыгышы же чыгышы (куймулчактан жана чычаңдан тышкары):<br>а) бир-эки<br>b) үч-беш<br>с) алты жана андан ашык | <br><br>20<br>30<br>40 |
| 64. | Омуртка аралык байламталардын үзүлүшү (дарылануу мөөнөтү 14 күндөн кем эмес болсо), омурткалардын жарым-жартылай чыгышы (чычаңдан тышкары)<br><br>Эскертүү:<br>Омуртканын жарым-жартылай чыгуусу кайталанганда камсыздандыруу суммасы төлөнбөйт. | 5 |
| 65. | Ар бир туурасынан кеткен же кыр урчугунун сынышы | 3 |
| 66. | Куймулчактын сынышы | 10 |
| 67. | Чычаңдын жабыркашы:<br>а) чычаң омурткаларынын жарым-жартылай чыгышы<br>b) чычаң омурткаларынын чыгышы<br>с) чычаң омурткаларынын сынышы<br><br>Эскертүүлөр:<br>1. Эгерде омуртканын (анын ичинде куймулчактын жана чычаңдын) жаракатына байланыштуу операциялык кийлигишүүлөр жасалса, кошумча түрдө камсыздандыруу суммасынын 10%ы бир жолу төлөнөт.<br>2. Эгерде омурткалардын сынышы же чыгышы жүлүндүн жабыркашы менен коштолсо, камсыздандыруу суммасы эки жабыркоону тең эске алуу менен суммалоо жолу менен төлөнөт.<br>3. Эгерде бир жаракаттын натыйжасында омуртканын денеси сынып, байламталар жабыркап, туурасынан кеткен же кыр урчуктары сынса, камсыздандыруу суммасы эң оор жабыркоону караган берене боюнча бир жолу төлөнөт. | <br>3<br>5<br>10 |
| | **Кол-аяктар** | |
| | **Далы, акырек** | |
| 68. | Далынын, акыректин сынышы, акромиалдык-акырек, төш-акырек тутумдарынын толук же жарым-жартылай үзүлүшү:<br>а) бир сөөктүн сынышы, чыгышы, бир тутумдун үзүлүшү | <br><br>5<br>10 |

| Берене | Жаракаттын мүнөзү | Камсыздандыруу төлөмүнүн өлчөмү (камсыздандыруу суммасынан % менен) |
|---|---|---|
| | b) эки сөөктүн сынышы, бир сөөктүн кош сынышы, эки тутумдун үзүлүшү же бир сөөктүн сынышы, чыгышы жана бир тутумдун үзүлүшү, акыректин сынып-чыгышы<br>c) эки тутумдун үзүлүшү жана бир сөөктүн сынышы, эки сөөктүн сынышы жана бир тутумдун үзүлүшү<br>d) бүтпөгөн сынык (жалган муун)<br><br>Эскертүүлөр:<br>1. Эгерде 68-беренеде саналган жабыркоолорго байланыштуу операциялык кийлигишүүлөр жасалса, кошумча түрдө камсыздандыруу суммасынын 5%ы бир жолу төлөнөт.<br>2. Эгерде ачык сыныкка байланыштуу операциялык кийлигишүү жасалбаса, 59-берене боюнча камсыздандыруу суммасын төлөө жөнүндө чечим жараат айыккандан кийин жүргүзүлгөн күбөлөндүрүүнүн жыйынтыктары боюнча кабыл алынат.<br>3. Бүтпөгөн сыныкка (жалган муунга) байланыштуу камсыздандыруу суммасы, эгерде жаракаттын бул кабылдоосу дарылоо-профилактика мекемесинде жаракаттан кийин 6 ай өткөндөн кийин аныкталып жана ошол мекеменин маалымкаты менен тастыкталса төлөнөт. Бул төлөм кошумча болуп саналат. | 15<br><br>15 |
| | **Ийин мууну** | |
| 69. | Ийин муунунун аймагынын жабыркашы (далынын муун оюкчасы, каруу сөөгүнүн башы, анатомиялык, хирургиялык мойну, дөңчөлөрү, муун баштыкчасы):<br>a) тарамыштардын, муун капсуласынын үзүлүшү, сөөк сыныктарынын, анын ичинде чоң дөңчөнүн үзүлүп кетиши, далынын муун оюкчасынын сынышы, ийиндин чыгышы<br>b) эки сөөктүн сынышы, далынын сынышы жана ийиндин чыгышы<br>c) каруунун сынышы (башы, анатомиялык, хирургиялык мойну), ийиндин сынып-чыгышы | 5<br><br>10<br>15 |
| 70. | Төмөнкүлөргө алып келген ийин курчоосунун жабыркашы:<br>a) ийиндин көнүмүш (адаттагы) чыгуусу<br>b) муундагы кыймылдын жоктугу (анкилоз)<br>c) аны түзгөн сөөктөрдүн муун беттеринин резекциясынын натыйжасындагы “шалпайган” ийин мууну<br><br>Эскертүүлөр:<br>1. 70-берене боюнча камсыздандыруу суммасы ийин муунунун аймагынын жабыркашына байланыштуу төлөнгөн камсыздандыруу суммасына кошумча төлөнөт, эгерде бул беренеде саналган кабылдоолор дарылоо-алдын алуу мекемеси тарабынан жаракаттан кийин 6 ай өткөндөн кийин аныкталып жана ошол мекеменин маалымкаты менен тастыкталса.<br>2. Эгерде ийин муунунун жаракатына байланыштуу операциялык кийлигишүүлөр жасалса, кошумча түрдө камсыздандыруу суммасынын 10%ы төлөнөт.<br>3. Ийиндин көнүмүш чыгуусунда камсыздандыруу суммасы, эгерде ал камсыздандыруу келишиминин колдонуу мезгилинде болгон алгачкы чыгуудан кийин 3 жылдын ичинде келип чыкса төлөнөт. Ийиндин көнүмүш чыгуусунун диагнозу аны ордуна салган дарылоо мекемеси тарабынан тастыкталууга тийиш. Ийиндин көнүмүш чыгуусу кайталанганда камсыздандыруу суммасы төлөнбөйт. | 15<br>20<br>40 |
| | **Ийин** | |
| 71. | Ийин сөөгүнүн сынышы:<br>a) каалаган деңгээлде (жогорку, ортоңку, төмөнкү үчтөн бир бөлүгү)<br>b) кош сынык | <br>15<br>20 |

| Берене | Жаракаттын мүнөзү | Камсыздандыруу төлөмүнүн өлчөмү (камсыздандыруу суммасынан % менен) |
|---|---|---|
| 72. | Бүтпөгөн сыныктын (жалган муундун) пайда болушуна алып келген каруу сөөгүнүн сынышы<br><br>Эскертүүлөр:<br>1. 72-берене боюнча камсыздандыруу суммасы каруунун жаракатына байланыштуу төлөнгөн камсыздандыруу суммасына кошумча төлөнөт, эгерде көрсөтүлгөн кабылдоолор дарылоо-профилактика мекемесинде жаракаттан кийин 9 ай өткөндөн кийин аныкталса.<br>2. Эгерде каруу аймагынын жаракатына байланыштуу операциялык кийлигишүүлөр жасалса (алгачкы хирургиялык тазалоодон жана бөтөн нерселерди алып салуудан тышкары), кошумча түрдө камсыздандыруу суммасынын 10%ы төлөнөт. | 45 |
| 73. | Жогорку колдун травматикалык ампутациясы же ампутацияга алып келген оор жабыркоо:<br>а) далы, акырек же алардын бир бөлүгү менен кошо<br>b) каруунун каалаган деңгээлинде<br>с) жалгыз колдун каруу деңгээлинде<br><br>Эскертүү:<br>Эгерде камсыздандыруу суммасы 73-берене боюнча төлөнсө, операциялык кийлигишүүлөр, операциядан кийинки тырыктар үчүн кошумча төлөм жүргүзүлбөйт. | <br>80<br>75<br>100 |
| **Чыканак мууну** | | |
| 74. | Чыканак муунунун аймагынын жабыркашы:<br>а) гемартроз, кырк муундун пронациялык жарым-жартылай чыгуусу<br>b) сөөк сыныктарынын, анын ичинде ийин сөөгүнүн урчук үстүлөрүнүн үзүлүп кетиши, каруу же чыканак сөөгүнүн сынышы, сөөктүн чыгышы<br>с) ийин жана чыканак сөөгүнүн сынышы, кырк муундун чыгышы<br>d) каруу сөөгүнүн сынышы<br>е) ийин сөөгүнүн каруу жана чыканак сөөктөрү менен кошо сынышы<br><br>Эскертүү:<br>Эгерде бир жаракаттын натыйжасында 74-беренеде саналган ар кандай жабыркоолор келип чыкса, камсыздандыруу суммасын төлөө эң оор жабыркоону эске алган пунктчага ылайык жүргүзүлөт. | <br>3<br>5<br><br>10<br>15<br>20 |
| 75. | Төмөнкүлөргө алып келген чыканак муунунун аймагынын жабыркашы:<br>а) муундагы кыймылдын жоктугу (анкилоз)<br>b) "шалпайган" чыканак мууну (аны түзгөн сөөктөрдүн муун беттеринин резекциясынын натыйжасында)<br><br>Эскертүүлөр:<br>1. 75-берене боюнча камсыздандыруу суммасы чыканак муунунун аймагынын жабыркашына байланыштуу төлөнгөн камсыздандыруу суммасына кошумча төлөнөт, эгерде бул муундагы кыймылдын бузулушу дарылоо-алдын алуу мекемеси тарабынан жаракаттан кийин 6 ай өткөндөн кийин аныкталып жана ошол мекеменин маалымкаты менен тастыкталса.<br>2. Эгерде чыканак муунунун аймагынын жаракатына байланыштуу операциялык кийлигишүүлөр жасалса (алгачкы хирургиялык тазалоодон жана бөтөн нерселерди алып салуудан тышкары), кошумча түрдө камсыздандыруу суммасынын 10%ы бир жолу төлөнөт. | <br>20<br>30 |
| **Билек** | | |
| 76. | Кар жилик муундардын аймагынан тышкары каалаган деңгээлде сынышы (жогорку, ортоңку, төмөнкү үчтөн бир бөлүгү):<br>а) бир сөөктүн сынышы, чыгышы<br>b) эки сөөктүн сынышы, бир сөөктүн кош сынышы | <br><br>5<br>10 |

| Берене | Жаракаттын мүнөзү | Камсыздандыруу төлөмүнүн өлчөмү (камсыздандыруу суммасынан % менен) |
|---|---|---|
| 77. | Кар жиликтин бүтпөгөн сыныгы (жалган мууну):<br>а) бир сөөктүн<br>b) эки сөөктүн<br><br>Эскертүү:<br>77-берене боюнча камсыздандыруу суммасы билек жаракатына байланыштуу төлөнгөн камсыздандыруу суммасына кошумча төлөнөт, эгерде жаракаттын бул кабылдоосу дарылоо-профилактика мекемесинде жаракаттан кийин 9 ай өткөндөн кийин аныкталып жана ошол мекеменин маалымкаты менен тастыкталса. | <br>15<br>30 |
| 78. | Травматикалык ампутация же оор жабыркоо, төмөнкүлөргө алып келген:<br>а) билектин каалаган деңгээлинде ампутациясына<br>b) чыканак муунунан экзартикуляциясына<br>c) жалгыз колдун билек деңгээлинде ампутациясына<br><br>Эскертүүлөр:<br>1. Эгерде билек аймагынын жаракатына байланыштуу операциялык кийлигишүүлөр жасалса (алгачкы хирургиялык тазалоодон жана бөтөн нерселерди алып салуудан тышкары), кошумча түрдө камсыздандыруу суммасынын 10%ы бир жолу төлөнөт.<br>2. Эгерде камсыздандыруу суммасы 78-берене боюнча төлөнсө, операциялык кийлигишүүлөр, операциядан кийинки тырыктар үчүн кошумча төлөм жүргүзүлбөйт. | <br>65<br>70<br>100 |
| **Билек мууну** | | |
| 79. | Билек муунунун аймагынын жабыркашы:<br>а) билектин бир сөөгүнүн сынышы, шибеге сымал урчуктун (урчуктардын) үзүлүп кетиши, сөөк сыныгынын (сыныктарынын) үзүлүп кетиши, чыканак сөөгүнүн башынын чыгышы<br>b) билектин эки сөөгүнүн сынышы<br>c) кол чеңгелинин перилунардык чыгуусу | <br><br>5<br>10<br>15 |
| 80. | Бул муундагы кыймылдын жоктугуна (анкилозго) алып келген билек муунунун аймагынын жабыркашы<br><br>Эскертүүлөр:<br>1. 80-берене боюнча камсыздандыруу суммасы билек муунунун аймагынын жабыркашына байланыштуу төлөнгөн камсыздандыруу суммасына кошумча төлөнөт, эгерде муундагы кыймылдын жоктугу дарылоо-алдын алуу мекемеси тарабынан жаракаттан кийин 6 ай өткөндөн кийин аныкталып жана ошол мекеменин маалымкаты менен тастыкталса.<br>2. Эгерде билек муунунун аймагынын жаракатына байланыштуу операциялык кийлигишүүлөр жасалса, кошумча түрдө камсыздандыруу суммасынын 5%ы төлөнөт. | 15 |
| **Кол чеңгели** | | |
| 81. | Бир кол чеңгелинин билек сөөктөрүнүн, алакан сөөктөрүнүн сынышы же чыгышы:<br>а) бир сөөктүн (кайык сымал сөөктөн тышкары)<br>b) эки жана андан ашык сөөктүн (кайык сымал сөөктөн тышкары)<br>c) кайык сымал сөөктүн<br>d) кол чеңгелинин чыгышы, сынып-чыгышы<br><br>Эскертүүлөр:<br>1. Эгерде кол чеңгелинин жаракатына байланыштуу операциялык кийлигишүүлөр жасалса (алгачкы хирургиялык тазалоодон жана бөтөн нерселерди алып салуудан тышкары), кошумча түрдө камсыздандыруу суммасынын 5%ы бир жолу төлөнөт. | <br><br>5<br>10<br>10<br>15 |

| Берене | Жаракаттын мүнөзү | Камсыздандыруу төлөмүнүн өлчөмү (камсыздандыруу суммасынан % менен) |
|---|---|---|
| | 2. Бир жаракаттын натыйжасында билек сөөктөрүнүн (алакан сөөктөрүнүн) жана кайык сымал сөөктүн сынышында (чыгышында) камсыздандыруу суммасы ар бир жабыркоону эске алуу менен суммалоо жолу менен төлөнөт. | |
| 82. | Төмөнкүлөргө алып келген кол чеңгелинин жабыркашы:<br>а) бир же бир нече сөөктүн бүтпөгөн сыныгы (жалган мууну) (сөөк сыныктарынын үзүлүп кетишинен тышкары)<br>b) бардык манжаларды жоготуу, алакан сөөктөрүнүн, билек сөөктөрүнүн же билек муунунун деңгээлинде ампутация<br>с) жалгыз кол чеңгелинин ампутациясы<br><br>Эскертүү:<br>Билек сөөктөрүнүн же алакан сөөктөрүнүн бүтпөгөн сыныгына (жалган муунуна) байланыштуу камсыздандыруу суммасы 82а-беренеси боюнча кошумча төлөнөт, эгерде жаракаттын бул кабылдоосу дарылоо-профилактика мекемесинде жаракаттан кийин 6 ай өткөндөн кийин аныкталып жана ошол мекеменин маалымкаты менен тастыкталса. | 10<br><br>65<br><br>100 |
| **Кол манжалары** | | |
| **Биринчи манжа** | | |
| 83. | Төмөнкүлөргө алып келген манжанын жабыркашы:<br>а) тырмак пластинкасынын сыйрылышы<br>b) манжаны жазуучу тарамыштын (тарамыштардын) жабыркашы<br>с) шыйбылчактын (шыйбылчактардын), чыгышы, олуттуу тырыктуу деформациясы, манжаны бүгүүчү тарамыштын (тарамыштардын) жабыркашы, тарамыштык, муундук, сөөктүк панариций<br><br>Эскертүүлөр:<br>1. Тырмак жанындагы урчуктун ириңдүү сезгениши (паронихия) камсыздандыруу суммасын төлөө үчүн негиз болбойт.<br>2. Эгерде тарамыштардын жабыркашына, муунактын (муунактардын) сынышына же чыгышына, сөөктүк, муундук, тарамыштык панарицийге байланыштуу операциялык кийлигишүүлөр жасалса, кошумча түрдө камсыздандыруу суммасынын 5%ы бир жолу төлөнөт. | 3<br>3<br>5 |
| 84. | Төмөнкүлөргө алып келген манжанын жабыркашы:<br>а) бир муундагы кыймылдын жоктугу<br>b) эки муундагы кыймылдын жоктугу<br><br>Эскертүү:<br>Баш бармактын функциясынын бузулушуна байланыштуу камсыздандыруу суммасы анын жаракатына байланыштуу төлөнгөн камсыздандыруу суммасына кошумча төлөнөт, эгерде манжанын муунундагы (муундарындагы) кыймылдын жоктугу дарылоо-алдын алуу мекемеси тарабынан жаракаттан кийин 6 ай өткөндөн кийин аныкталып жана ошол мекеменин маалымкаты менен тастыкталса. | 10<br>15 |
| 85. | Төмөнкүлөргө алып келген манжанын жабыркашы:<br>а) ошол эле шыйбылчактын деңгээлинде реампутация (кайталанган ампутация)<br>b) тырмак шыйбылчактын деңгээлинде ампутация<br>с) шыйбылчак аралык муундун деңгээлинде ампутация (тырмак шыйбылчактын жоготуу)<br>d) негизги шыйбылчактын, алакан-шыйбылчак муунунун деңгээлинде ампутация (манжаны жоготуу)<br>е) манжанын алакан сөөгү же анын бир бөлүгү менен кошо ампутациясы<br><br>Эскертүү: | 5<br><br>10<br>15<br><br>20<br><br>25 |

| Берене | Жаракаттын мүнөзү | Камсыздандыруу төлөмүнүн өлчөмү (камсыздандыруу суммасынан % менен) |
|---|---|---|
| | Эгерде камсыздандыруу суммасы 85-берене боюнча төлөнсө, операциялык кийлигишүүлөр, операциядан кийинки тырыктар үчүн кошумча төлөм жүргүзүлбөйт. | |
| **Экинчи, үчүнчү, төртүнчү, бешинчи манжалар** | | |
| 86. | Төмөнкүлөргө алып келген бир манжанын жабыркашы:<br>a) тырмак пластинкасынын сыйрылышы<br>b) манжаны жазуучу тарамыштын (тарамыштардын) жабыркашы<br>c) шыйбылчактын (шыйбылчактардын) сынышы, чыгышы, олуттуу тырыктуу деформациясы, манжаны бүгүүчү тарамыштын (тарамыштардын) жабыркашы, тарамыштык, муундук, сөөктүк панариций<br><br>Эскертүүлөр:<br>1. Тырмак жанындагы урчуктун ириңдүү сезгениши (паронихия) камсыздандыруу суммасын төлөө үчүн негиз болбойт.<br>2. Эгерде тарамыштардын жабыркашына, муунактын (муунактардын) сынышына же чыгышына, сөөктүк, муундук, тарамыштык панарицийге байланыштуу операциялык кийлигишүүлөр жасалса, кошумча түрдө камсыздандыруу суммасынын 5%ы бир жолу төлөнөт. | 3<br>3<br>5 |
| 87. | Төмөнкүлөргө алып келген манжанын жабыркашы:<br>a) бир муундагы кыймылдын жоктугу<br>b) манжанын эки же үч муунундагы кыймылдын жоктугу<br><br>Эскертүү: Манжанын функциясынын бузулушуна байланыштуу камсыздандыруу суммасы анын жаракатына байланыштуу төлөнгөн камсыздандыруу суммасына кошумча төлөнөт, эгерде манжанын муунундагы (муундарындагы) кыймылдын жоктугу дарылоо-алдын алуу мекемеси тарабынан жаракаттан кийин 6 ай өткөндөн кийин аныкталып жана ошол мекеменин маалымкаты менен тастыкталса. | 5<br>10 |
| 88. | Төмөнкүлөргө алып келген манжанын жабыркашы:<br>a) ошол эле шыйбылчактын деңгээлинде реампутация (кайталанган ампутация)<br>b) тырмак шыйбылчактын деңгээлинде ампутация, шыйбылчакты жоготуу<br>c) ортоңку шыйбылчактын деңгээлинде ампутация, эки шыйбылчакты жоготуу<br>d) негизги шыйбылчактын деңгээлинде ампутация, манжаны жоготуу<br>e) манжаны алакан сөөгү же анын бир бөлүгү менен кошо жоготуу<br><br>Эскертүүлөр:<br>1. Эгерде камсыздандыруу суммасы 88-берене боюнча төлөнсө, операциялык кийлигишүүлөр, операциядан кийинки тырыктар үчүн кошумча төлөм жүргүзүлбөйт.<br>2. Бир камсыздандыруу келишиминин колдонуу мезгилинде колдун бир нече манжасы жабыркаса, камсыздандыруу суммасы ар бир жабыркоону эске алуу менен суммалоо жолу менен төлөнөт. Бирок анын өлчөмү бир кол чеңгели үчүн 65%дан жана эки кол чеңгели үчүн 100%дан ашпашы керек. | 3<br>5<br>10<br>15<br>20 |
| **Жамбаш** | | |
| 89. | Жамбаштын жабыркашы:<br>a) бир сөөктүн сынышы<br>b) эки сөөктүн сынышы же бир тутумдун үзүлүшү, бир сөөктүн кош сынышы<br>c) үч жана андан ашык сөөктүн сынышы, эки же үч тутумдун үзүлүшү<br><br>Эскертүүлөр:<br>1. Эгерде жамбаш сөөктөрүнүн сынышына же тутумдарынын үзүлүшүнө байланыштуу операциялык кийлигишүүлөр жасалса, кошумча түрдө камсыздандыруу суммасынын 10%ы бир жолу төлөнөт. | 5<br>10<br>15 |

| Берене | Жаракаттын мүнөзү | Камсыздандыруу төлөмүнүн өлчөмү (камсыздандыруу суммасынан % менен) |
|---|---|---|
| | 2. Төрөт учурунда кааса, куймулчак-жамбаш тутумунун (тутумдарынын) үзүлүшү 89-берене (b же c) боюнча жалпы негиздерде камсыздандыруу суммасын төлөө үчүн негиз болот. | |
| 90. | Төмөнкүлөргө алып келген жамбаштын жабыркашы:<br>a) бир жамбаш-сан муунундагы кыймылдын жоктугу<br>b) эки жамбаш-сан муунундагы кыймылдын жоктугу<br><br>Эскертүү:<br>Жамбаш-сан муунунун (муундарынын) функциясынын бузулушуна байланыштуу камсыздандыруу суммасы 90-берене боюнча жамбаштын жаракатына байланыштуу төлөнгөн камсыздандыруу суммасына кошумча төлөнөт, эгерде муундагы кыймылдын жоктугу дарылоо-алдын алуу мекемеси тарабынан жаракаттан кийин 6 ай өткөндөн кийин аныкталып жана ошол мекеменин маалымкаты менен тастыкталса. | <br>20<br>40 |
| **Төмөнкү аяктар (бут)** | | |
| **Жамбаш-сан мууну** | | |
| 91. | Жамбаш-сан муунунун жабыркашы:<br>a) сөөк сыныгынын (сыныктарынын) үзүлүп кетиши<br>b) урчуктун (урчуктардын) обочолонгон үзүлүп кетиши<br>c) сандын чыгышы<br>d) сан сөөгүнүн башынын, мойнунун, проксималдык метафизинин сынышы<br><br>Эскертүүлөр:<br>1. Эгерде бир жаракаттын натыйжасында жамбаш-сан муунунун ар кандай жабыркоолору келип чыкса, камсыздандыруу суммасы эң оор жабыркоону караган бир пунктчага ылайык төлөнөт.<br>2. Эгерде жамбаш-сан муунунун жаракатына байланыштуу операциялык кийлигишүүлөр жасалса, кошумча түрдө камсыздандыруу суммасынын 10%ы бир жолу төлөнөт. | <br>5<br>10<br>15<br>25 |
| 92. | Төмөнкүлөргө алып келген жамбаш-сан муунунун жабыркашы:<br>a) кыймылдын жоктугу (анкилоз)<br>b) сан сөөгүнүн мойнунун бүтпөгөн сыныгы (жалган мууну)<br>c) эндопротездөө<br>d) сан сөөгүнүн башынын резекциясынын натыйжасындагы “шалпайган” муун<br><br>Эскертүүлөр:<br>1. 92-беренеде саналган кабылдоолорго байланыштуу камсыздандыруу суммасы муундун жаракатына байланыштуу төлөнгөн камсыздандыруу суммасына кошумча төлөнөт.<br>2. 92b-беренеси боюнча камсыздандыруу суммасы, эгерде жаракаттын бул кабылдоосу дарылоо-профилактика мекемесинде жаракаттан кийин 9 ай өткөндөн кийин аныкталып жана ошол мекеменин маалымкаты менен тастыкталса төлөнөт. | <br>20<br>30<br>40<br>45 |
| **Сан** | | |
| 93. | Сан сөөгүнүн сынышы:<br>a) муундардын аймагынан тышкары каалаган деңгээлде (жогорку, ортоңку, төмөнкү үчтөн бир бөлүгү)<br>b) сан сөөгүнүн кош сыныгы | <br>25<br><br>30 |
| 94. | Бүтпөгөн сыныктын (жалган муундун) пайда болушуна алып келген сан сөөгүнүн сынышы<br><br>Эскертүүлөр:<br>1. Эгерде сан аймагынын жаракатына байланыштуу операциялык кийлигишүүлөр жасалса (алгачкы хирургиялык тазалоодон жана бөтөн | 30 |

| Берене | Жаракаттын мүнөзү | Камсыздандыруу төлөмүнүн өлчөмү (камсыздандыруу суммасынан % менен) |
|---|---|---|
| | нерселерди алып салуудан тышкары), кошумча түрдө камсыздандыруу суммасынын 10%ы бир жолу төлөнөт.<br>2. 94-берене боюнча камсыздандыруу суммасы сан сөөгүнүн сынышына байланыштуу төлөнгөн камсыздандыруу суммасына кошумча төлөнөт, эгерде мындай кабылдоо дарылоо-профилактика мекемесинде жаракаттан кийин 9 ай өткөндөн кийин аныкталып жана ошол мекеменин маалымкаты менен тастыкталса. | |
| 95. | Травматикалык ампутация же сандын каалаган деңгээлинде буттун ампутациясына алып келген оор жабыркоо:<br>a) бир буттун<br>b) жалгыз буттун<br><br>Эскертүү:<br>Эгерде камсыздандыруу суммасы 95-берене боюнча төлөнсө, операциялык кийлигишүүлөр, операциядан кийинки тырыктар үчүн кошумча төлөм жүргүзүлбөйт. | <br><br>70<br>100 |
| | **Тизе мууну** | |
| 96. | Тизе муунунун аймагынын жабыркашы:<br>a) гемартроз<br>b) сөөк сыныгынын (сыныктарынын) үзүлүп кетиши, урчук үстүнүн (урчук үстүлөрүнүн) сынышы, кичине жилик сөөгүнүн башынын сынышы, менисктин жабыркашы<br>c) сынык: тизе капкагынын, муун аралык дөңчөнүн, муун урчуктарынын, чоң жилик сөөгүнүн проксималдык метафизинин<br>d) чоң жилик сөөгүнүн проксималдык метафизинин кичине жилик сөөгүнүн башы менен кошо сынышы<br>e) сан сөөгүнүн муун урчуктарынын сынышы, шыйрактын чыгышы<br>f) сан сөөгүнүн дисталдык метафизинин сынышы<br>g) сан сөөгүнүн дисталдык метафизинин, муун урчуктарынын бир же эки жилик сөөгүнүн тең проксималдык бөлүктөрү менен кошо сынышы<br><br>Эскертүүлөр:<br>Тизе муунунун ар кандай жабыркоолору айкалышканда, камсыздандыруу суммасы 96-березенин эң оор жабыркоону караган бир пунктчасына ылайык бир жолу төлөнөт.<br>Эгерде тизе муунунун аймагынын жаракатына байланыштуу операциялык кийлигишүүлөр жасалса (алгачкы хирургиялык тазалоодон жана бөтөн нерселерди алып салуудан тышкары), кошумча түрдө камсыздандыруу суммасынын 10%ы бир жолу төлөнөт. | <br>3<br>5<br><br><br>10<br><br>15<br><br>20<br>25<br>30 |
| 97. | Төмөнкүлөргө алып келген тизе муунунун аймагынын жабыркашы:<br>a) муундагы кыймылдын жоктугу<br>b) аны түзгөн сөөктөрдүн муун беттеринин резекциясынын натыйжасындагы “шалпайган” тизе мууну<br>c) эндопротездөө<br><br>Эскертүү:<br>97-берене боюнча камсыздандыруу суммасы бул муундун жаракатына байланыштуу төлөнгөн камсыздандыруу суммасына кошумча төлөнөт. | <br>20<br><br>30<br>40 |
| | **Шыйрак** | |
| 98. | Шыйрак сөөктөрүнүн сынышы (муундардын аймагынан тышкары):<br>a) балдак сөөгүнүн, сөөк сыныктарынын үзүлүп кетиши<br>b) жото жилик сөөгүнүн, балдак сөөгүнүн кош сыныгы<br>c) эки сөөктүн тең, жото жилик сөөгүнүн кош сыныгы<br><br>Эскертүүлөр: | <br>5<br>10<br>15 |

| Берене | Жаракаттын мүнөзү | Камсыздандыруу төлөмүнүн өлчөмү (камсыздандыруу суммасынан % менен) |
|---|---|---|
| | 1. 98-берене боюнча камсыздандыруу суммасы төмөнкү учурларда аныкталат:<br>• Балдак сөөгүнүн жогорку жана ортоңку үчтөн бир бөлүгүндөгү сыныктарда;<br>• жото жилик сөөгүнүн диафизинин каалаган деңгээлдеги сыныктарында;<br>• жото жилик сөөгүнүн диафиз аймагындагы (жогорку, ортоңку, төмөнкү үчтөн бир бөлүгү) сыныктарында жана балдак сөөгүнүн жогорку же ортоңку үчтөн бир бөлүгүндөгү сыныктарында.<br>2. Эгерде жаракаттын натыйжасында тизе же кызыл ашык муунунда жото жилик сөөгүнүн муун ичиндеги сыныгы жана балдак сөөгүнүн диафиз деңгээлиндеги сыныгы келип чыкса, камсыздандыруу суммасы 96 жана 98-беренелер же 101 жана 98-беренелер боюнча суммалоо жолу менен төлөнөт. | |
| 99. | Бүтпөгөн сыныкка, жалган муунга алып келген шыйрак сөөктөрүнүн сынышы (сөөк сыныктарынан тышкары):<br>a) балдак сөөгүнүн<br>b) жото жилик сөөгүнүн<br>c) эки сөөктүн тең<br><br>Эскертүүлөр:<br>1. 99-берене боюнча камсыздандыруу суммасы шыйрак сөөктөрүнүн сынышына байланыштуу төлөнгөн камсыздандыруу суммасына кошумча төлөнөт, эгерде мындай кабылдоолор дарылоо-профилактика мекемесинде жаракаттан кийин 9 ай өткөндөн кийин аныкталып жана ошол мекеменин маалымкаты менен тастыкталса.<br>2. Эгерде шыйрактын жаракатына байланыштуу операциялык кийлигишүүлөр жасалса (алгачкы хирургиялык тазалоодон жана бөтөн нерселерди алып салуудан тышкары), кошумча түрдө камсыздандыруу суммасынын 10%ы бир жолу төлөнөт. | <br><br>5<br>15<br>20 |
| 100. | Травматикалык ампутация же оор жабыркоо, төмөнкүлөргө алып келген:<br>a) шыйрактын каалаган деңгээлинде ампутациясына<br>b) тизе муунунан экзартикуляциясына<br>c) жалгыз буттун шыйрактын каалаган деңгээлинде ампутациясына<br><br>Эскертүү:<br>Эгерде камсыздандыруу суммасы шыйрактын ампутациясына байланыштуу төлөнсө, операциялык кийлигишүү, операциядан кийинки тырыктар үчүн кошумча төлөм жүргүзүлбөйт. | <br>60<br>70<br>100 |
| | **Кызыл ашык мууну** | |
| 101. | Кызыл ашык муунунун аймагынын жабыркашы:<br>a) бир кызыл ашык томугунун сынышы, жилик аралык синдесмоздун обочолонгон үзүлүшү<br>b) эки кызыл ашык томугунун сынышы же бир кызыл ашык томугунун жото жилик сөөгүнүн кыры менен кошо сынышы<br>c) эки кызыл ашык томугунун тең жото жилик сөөгүнүн кыры менен кошо сынышы<br>Эскертүүлөр:<br>1. Кызыл ашык муунунун сөөктөрүнүн жилик аралык синдесмоздун үзүлүшү, тамандын жарым-жартылай чыгышы (чыгышы) менен коштолгон сыныктарында кошумча түрдө камсыздандыруу суммасынын 5%ы бир жолу төлөнөт.<br>2. Эгерде кызыл ашык муунунун аймагынын жаракатына байланыштуу операциялык кийлигишүүлөр жасалса (алгачкы хирургиялык тазалоодон жана | <br>5<br><br>10<br><br>15 |

| Берене | Жаракаттын мүнөзү | Камсыздандыруу төлөмүнүн өлчөмү (камсыздандыруу суммасынан % менен) |
|---|---|---|
| | бөтөн нерселерди алып салуудан тышкары), кошумча түрдө камсыздандыруу суммасынын 10%ы бир жолу төлөнөт. | |
| 102. | Төмөнкүлөргө алып келген кызыл ашык муунунун аймагынын жабыркашы:<br>a) кызыл ашык муунундагы кыймылдын жоктугу<br>b) "шалпайган" кызыл ашык мууну (аны түзгөн сөөктөрдүн муун беттеринин резекциясынын натыйжасында)<br>c) кызыл ашык муунунан экзартикуляция<br><br>Эскертүү:<br>Эгерде кызыл ашык муунунун жаракатынын натыйжасында 102-беренеде саналган кабылдоолор келип чыкса, камсыздандыруу суммасы эң оор кесепетти эске алган бир пунктча боюнча төлөнөт. | <br>20<br>40<br><br>50 |
| 103. | Ахиллес тарамышынын жабыркашы:<br>a) консервативдик дарылоодо<br>b) оперативдик дарылоодо | <br>5<br>15 |
| | **Таман** | |
| 104. | Тамандын жабыркашы:<br>a) бир сөөктүн сынышы, чыгышы (согончок жана чүкө сөөгүнөн тышкары)<br>b) эки сөөктүн сынышы, чыгышы, чүкө сөөгүнүн сынышы<br>c) үч жана андан ашык сөөктүн сынышы, чыгышы, согончок сөөгүнүн сынышы, тамандын чүкө астындагы чыгышы, тамандын туурасынан кеткен муунундагы (Шопар) же бут кетмени-таман сөөк муунундагы (Лисфранк) чыгышы<br><br>Эскертүүлөр:<br>1. Эгерде таман сөөктөрүнүн сынышына же чыгышына же байламталарынын үзүлүшүнө байланыштуу операциялык кийлигишүүлөр жасалса, кошумча түрдө камсыздандыруу суммасынын 5%ы бир жолу төлөнөт.<br>2. Ар кандай жаракаттардын натыйжасында келип чыккан таман сөөктөрүнүн сыныктарында же чыгууларында камсыздандыруу суммасы ар бир жаракаттын фактысын эске алуу менен төлөнөт. Повреждения стопы: | <br>5<br>10<br>15 |
| 105. | Төмөнкүлөргө алып келген тамандын жабыркашы:<br>a) бир-эки сөөктүн бүтпөгөн сыныгы (жалган мууну) (согончок жана чүкө сөөктөрүнөн тышкары)<br>b) үч жана андан ашык сөөктүн, ошондой эле чүкө же согончок сөөгүнүн бүтпөгөн сыныгы (жалган мууну)<br>c) чүкө астындагы муундун, бут кетменинин туурасынан кеткен муунунун (Шопар) же бут кетмени-таман сөөк муунунун (Лисфранк) артродези ампутация, төмөнкү деңгээлде:<br>d) бейбелчек-муунак муундарынын (тамандын бардык манжаларынын жоктугу)<br>e) бейбелчек сөөктөрүнүн же бут кетменинин<br>f) чүкө, согончок сөөктөрүнүн (таманды жоготуу)<br><br>Эскертүүлөр:<br>1. 105-беренеде (a, b, c) каралган таман жаракатынын кабылдоолоруна байланыштуу камсыздандыруу суммасы тамандын жаракатына байланыштуу төлөнгөн камсыздандыруу суммасына кошумча төлөнөт, эгерде алар дарылоо-алдын алуу мекемеси тарабынан жаракаттан кийин 6 ай өткөндөн кийин аныкталып жана ошол мекеменин маалымкаты менен тастыкталса, ал эми "d", "e", "f" пунктчалары боюнча – жаракат алган күндөн өткөн мөөнөткө карабастан.<br>2. Эгерде камсыздандыруу суммасы тамандын ампутациясына байланыштуу төлөнсө, операциялык кийлигишүүлөр, операциядан кийинки тырыктар үчүн кошумча төлөм жүргүзүлбөйт. | <br>5<br><br>15<br><br>20<br><br><br>30<br><br>40<br>50 |

| Берене | Жаракаттын мүнөзү | Камсыздандыруу төлөмүнүн өлчөмү (камсыздандыруу суммасынан % менен) |
|---|---|---|
| | **Бут манжалары** | |
| 106. | Бейбелчектин (бейбелчектердин) сынышы, чыгышы, тарамыштын (тарамыштардын) жабыркашы:<br>a) бир манжанын<br>b) эки-үч манжанын<br>c) төрт-беш манжанын<br><br>Эскертүү:<br>Эгерде манжанын сынышына, чыгышына же тарамыштарынын жабыркашына байланыштуу операциялык кийлигишүүлөр жасалса, кошумча түрдө камсыздандыруу суммасынын 3%ы бир жолу төлөнөт. | <br><br>3<br>5<br>10 |
| 107. | Травматикалык ампутация же таман манжаларынын ампутацияга алып келген жабыркашы:<br>биринчи манжанын:<br>a) тырмак шыйбылчактарынын же шыйбылчак аралык муундун деңгээлинде<br>b) негизги бейбелчек же шыйбылчак-бейбелчек муунунун деңгээлинде<br>экинчи, үчүнчү, төртүнчү, бешинчи манжалардын:<br>c) бир-эки манжанын тырмак же ортоңку шыйбылчактарынын деңгээлинде<br>d) бир-эки манжанын негизги шыйбылчактарынын же шыйбылчак-бейбелчек муундарынын деңгээлинде<br>e) үч-төрт манжанын тырмак же ортоңку бейбелчек деңгээлинде<br>f) үч-төрт манжанын негизги бейбелчектеринин же шыйбылчак-бейбелчек муундарынын деңгээлинде<br><br>Эскертүүлөр:<br>1. Эгерде камсыздандыруу суммасы 107-берене боюнча төлөнсө, операциялык кийлигишүүлөр, операциядан кийинки тырыктар үчүн кошумча төлөм жүргүзүлбөйт.<br>2. Эгерде жаракатка байланыштуу манжа таман сөөгү же анын бир бөлүгү менен кошо ампутацияланса, кошумча түрдө камсыздандыруу суммасынын 5%ы бир жолу төлөнөт. | <br><br><br>5<br>10<br><br>5<br>10<br><br>15<br>20 |
| 108. | Төмөнкүлөргө алып келген жабыркоо:<br>a) лигатуралык тешик жаралардын пайда болушу<br>b) лимфостаз, тромбофлебит, трофиканын бузулушу<br>c) остеомиелит, анын ичинде гематогендик остеомиелит<br><br>Эскертүүлөр:<br>1. 108-берене таяныч-кыймыл аппаратынын жаракатынын (ири периферялык кан тамырлардын жана нервдердин жабыркашынан тышкары) кесепетинен келип чыккан тромбофлебиттерде, лимфостазда жана трофиканын бузулушунда колдонулат.<br>2. Бут манжаларынын ириңдүү сезгенүүлөрү камсыздандыруу суммасын төлөө үчүн негиз болбойт. | <br>3<br>5<br>10 |
| 109. | Жаракатка байланыштуу өнүккөн травматикалык шок, геморрагиялык, сезимталдык шок<br><br>Эскертүү:<br>109-берене боюнча камсыздандыруу суммасын төлөө жаракатка байланыштуу жүргүзүлгөн төлөмдөргө кошумча жүргүзүлөт. | 5 |
| 110. | Кокустан катуу уулануу, асфиксия (дем кыстыгуу), кене же эмдөөдөн кийинки энцефалит (энцефаломиелит), электр агынына (атмосфералык электрге) урунуу, жыландардын, уулуу курт-кумурскалардын чагуусу, селейме, ботулизм (көрсөтүлгөн окуялардын натыйжасында конкреттүү органдардын жабыркашы жөнүндө маалыматтар жок болгондо) стационардык дарылоодо:<br>a) 6 - 10 күн | <br><br><br><br><br>5 |

| Берене | Жаракаттын мүнөзү | Камсыздандыруу төлөмүнүн өлчөмү (камсыздандыруу суммасынан % менен) |
|---|---|---|
| | b) 11 - 20 күн<br>c) 20 күндөн ашык<br><br>Эскертүү:<br>Эгерде №195 формасындагы маалымкатта 110-беренеде саналган окуялар кандайдыр бир органдардын жабыркашына алып келгени көрсөтүлсө, камсыздандыруу суммасы тиешелүү беренелер боюнча төлөнөт. Мында 110-берене колдонулбайт. | 10<br>15 |
| 111. | Эгерде камсыздандырылган жак менен камсыздандыруу келишиминин колдонуу мезгилинде болгон кандайдыр бир камсыздандыруу окуясы ушул “Таблицада” каралбаса, бирок жалпысынан 10 күндөн кем эмес стационардык жана (же) амбулатордук үзгүлтүксүз дарылоону талап кылса, анда бир жолку жөлөкпул төмөнкү өлчөмдө төлөнөт:<br>a) 10 күндөн 15 күнгө чейин (кошо алганда) үзгүлтүксүз дарылоодо<br>b) 15 күндөн ашык үзгүлтүксүз дарылоодо | <br><br>2<br>3 |
| | **Ок атуучу куралдан алган жаракаттар** | |
| 112. | Жаныма жалгыз жаракаттар (ок же сынык), жараат бети:<br>a) 8-10 кв. см.<br>b) 10 кв. см. ашык<br>c) беттин<br>Көптөгөн жаракаттарда ар бир кийинки жараат + 5%, бирок 25%дан ашпаган | <br>10<br>15<br>17 |
| 113. | Сөөктөрдү, кан тамырларды, ички органдарды жабыркатпаган тешип өткөн жаракаттар:<br>a) 1 жаракат<br>b) көптөгөн жаракаттарда ар бир кийинки жараат +10%, бирок 30%дан ашпаган | <br>20 |
| 114. | Сөөктөрдү, кан тамырларды, ички органдарды жабыркатпаган туюк жаракат:<br>a) 1 жаракат<br>b) көптөгөн жаракаттарда ар бир кийинки жараат +10%, бирок 40%дан ашпаган | 25 |
| 115. | Инфекцияланган жаракаттарда (112-114-п.п. боюнча) | +10 |
| | **Ок атуучу куралдан алган тешип өткөн жаракаттар** | |
| 116.1 | Баш (1 жаракат):<br>a) мээ кабыктарынын жабыркашы менен<br>b) баш мээнин жабыркашы менен<br>c) көптөгөн жаракаттарда | <br>40<br>50<br>+15 |
| 116.2 | Көкүрөк тутуму (1 жаракат):<br>a) өпкө жана плевра жабыркабастан<br>b) өпкөнүн жабыркашы менен<br>c) ири кан тамырлардын жана/же жүрөктүн жабыркашы менен<br>d) кызыл өңгөчтүн жабыркашы менен<br>e) омуртканын жабыркашы менен<br>f) жүлүндүн жабыркашы менен<br>g) мээнин толук үзүлүшү<br>h) көптөгөн тешип өткөн жаракаттар<br>i) коштолгон сыныкта<br>1-2 кабырга<br>3-5 кабырга | <br>20<br>30<br>50<br>50<br>60<br>80<br>100<br>+15<br><br>+5<br>+10 |
| 116.3 | Ич көңдөйү (1 жаракат):<br>a) органдар жабыркабастан<br>b) ашказандын жана ичегинин жабыркашы<br>c) уйку безинин жабыркашы<br>d) көк боордун жабыркашы<br>e) боордун жабыркашы | <br>30<br>45<br>50<br>40<br>50 |

| Берене | Жаракаттын мүнөзү | Камсыздандыруу төлөмүнүн өлчөмү (камсыздандыруу суммасынан % менен) |
|---|---|---|
| | f) ич аортасынын жабыркашы<br>g) башка органдардын жаракаты | 60<br>+20 |
| 116.4 | Бир бөйрөктүн жаракаты | 50 |
| 116.5 | Заара түтүктөрүнүн, табарсыктын жаракаты:<br>a) табарсыктын жаракаты<br>b) заара түтүктөрүнүн жаракаты | <br>45<br>15 |
| 116.6 | Моюн (1 жаракат)<br>a) кан тамырлардын жабыркашы<br>b) кекиртектин жабыркашы<br>c) ар бир кийинки жаракат | <br>60<br>50<br>+20 |
| 116.7 | Жогорку колдордун ачык жабыркоолору:<br>a) акыректин жабыркашы<br>b) ийин курчоосунун сөөктөрүнүн жабыркашы<br>c) каруунун жабыркашы<br>d) каруу деңгээлиндеги кан тамырлардын же нервдердин жабыркашы<br>e) чыканак муунунун сөөктөрүнүн жабыркашы<br>f) чыканак муунунун деңгээлиндеги кан тамырлардын же нервдердин жабыркашы<br>g) кырк муундун 1 сөөгү<br>h) кырк муундун 2 сөөгү<br>i) кырк муундун нервдеринин же кан тамырларынын жабыркашы<br>j) кол чеңгелинин же билектин 1 сөөгү<br>k) кол чеңгелинин 2-4 сөөгү<br>l) кол чеңгелинин 5 жана андан ашык сөөгү<br>m) кол чеңгелинин деңгээлиндеги кан тамырлардын жабыркашы<br>n) 1-2 манжа<br>o) башка манжалар<br>p) ар бир кийинки жаракат | <br>20<br>30<br>25<br>35<br>30<br>30<br><br>20<br>30<br>25<br>15<br>25<br>35<br>10<br>10<br>5<br>+5 |
| 116.8 | Төмөнкү буттардын ачык жабыркоолору:<br>a) сан сөөгүнүн башынын же мойнунун жабыркашы<br>b) сандын жабыркашы<br>c) сан деңгээлиндеги кан тамырлардын же нервдердин жабыркашы<br>d) тизе муунунун жабыркашы<br>e) балдак сөөгүнүн жабыркашы<br>f) жото жилик сөөгүнүн жабыркашы<br>g) шыйрак деңгээлиндеги нервдердин же кан тамырлардын<br>h) кызыл ашык муунунун жабыркашы<br>i) согончок сөөгүнүн жабыркашы<br>j) бут кетменинин жана тамандын 1-2 сөөгү<br>k) бут кетменинин жана тамандын 3-4 сөөгү<br>l) 4төн ашык сөөк<br>m) баш бармактын<br>n) башка манжалардын<br>o) жабыркаган бут тараптан ар бир кийинки жаракат | <br>35<br>30<br>35<br>35<br>10<br>30<br>40<br>30<br>35<br>20<br>25<br>40<br>15<br>5<br>+5 |
| 116.9 | Эки буттун окшош жабыркоолорунда камсыздандыруу суммасы эки эселенет. | |
| 116.10 | Көрүү жана угуу органдарынын ок атуучу куралдан алган жаракаттарында камсыздандыруу төлөмү көрүү же угууну жоготуу даражасына жараша негизги таблица боюнча 15% кошуу менен төлөнөт. | |
| 117 | Жаракаттан кийин өнүккөн бүтпөгөн сынык, жалган муун, остеомиелит. | +30% |

Органдын жаракатына байланыштуу төлөнүүчү камсыздандыруу төлөмү ошол органды жоготкондо төлөнүүчү камсыздандыруу камсыздоо төлөмүнүн өлчөмүнөн ашпашы керек, ал эми төлөмдөрдүн жалпы суммасы 100%дан ашпашы керек.

Таблица 1

| Көрүү курчтугу | | Камсыздандыруу суммасы, жаракаттан кийин |
|---|---|---|
| **жаракат алганга чейин** | **жаракаттан кийин** | |
| **1,0** | 0,9 | 3 |
| | 0,8 | 5 |
| | 0,7 | 5 |
| | 0,6 | 10 |
| | 0,5 | 10 |
| | 0,4 | 10 |
| | 0,3 | 15 |
| | 0,2 | 20 |
| | 0,1 | 30 |
| | 0,1ден төмөн | 40 |
| | 0,0 | 50 |
| **0,9** | 0,8 | 3 |
| | 0,7 | 5 |
| | 0,6 | 5 |
| | 0,5 | 10 |
| | 0,4 | 10 |
| | 0,3 | 15 |
| | 0,2 | 20 |
| | 0,1 | 30 |
| | 0,1ден төмөн | 40 |
| | 0,0 | 50 |
| **0,8** | 0,7 | 3 |
| | 0,6 | 5 |
| | 0,5 | 10 |
| | 0,4 | 10 |
| | 0,3 | 15 |
| | 0,2 | 20 |
| | 0,1 | 30 |
| | 0,1ден төмөн | 40 |
| | 0,0 | 50 |
| **0,7** | 0,6 | 3 |
| | 0,5 | 5 |
| | 0,4 | 10 |
| | 0,3 | 10 |
| | 0,2 | 15 |
| | 0,1 | 20 |
| | 0,1ден төмөн | 30 |
| | 0,0 | 40 |

| Көрүү курчтугу | | Камсыздандыруу суммасы, төлөнүүгө тийиш болгон, % |
|---|---|---|
| **Жаракат алганга чейин** | **жаракаттан кийин** | |
| **0,6** | 0,5 | 5 |
| | 0,4 | 5 |
| | 0,3 | 10 |
| | 0,2 | 10 |
| | 0,1 | 15 |
| | 0,1ден төмөн | 20 |
| | 0,0 | 25 |
| **0,5** | 0,4 | 5 |
| | 0,3 | 5 |
| | 0,2 | 10 |
| | 0,1 | 10 |
| | 0,1ден төмөн | 15 |
| | 0,0 | 20 |
| **0,4** | 0,3 | 5 |
| | 0,2 | 5 |
| | 0,1 | 10 |
| | 0,1ден төмөн | 15 |
| | 0,0 | 20 |
| **0,3** | 0,2 | 5 |
| | 0,1 | 5 |
| | 0,1ден төмөн | 10 |
| | 0,0 | 20 |

Примечания.

1. Көрүү курчтугу 0,01ден төмөн жана жарыкты кабыл алууга чейин (беттин жанында манжаларды эсептөө) жалпы сокурдукка (0,0) барабар.
2. Мертинүү алганга чейин көрүү болгон көз алмасы, ошондой эле анын бырышынын натыйжасында алынган учурда камсыздандыруу суммасынан 10% кошумча төлөнөт.

Таблица 2

**Күйүктөрдө камсыздандыруу камсыздоосунун төлөмү**
**(камсыздандырылган сумманын пайызында)**

| Күйүктүн аянты дене бетинен %) | Күйүк даражасы | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | I | II | IIIA | IIIБ | IY |
| 5ке чейин | 1 | 5 | 10 | 13 | 15 |
| 5тен 10го чейин | 3 | 10 | 15 | 17 | 20 |
| 11ден 20га чейин | 5 | 15 | 20 | 25 | 35 |
| 21ден 30га чейин | 7 | 20 | 25 | 45 | 55 |
| 31ден 40ка чейин | 10 | 25 | 30 | 70 | 75 |
| 41ден 50гө чейин | 20 | 30 | 40 | 85 | 90 |
| 51ден 60ка чейин | 25 | 35 | 50 | 95 | 95 |
| 61ден 70ке чейин | 30 | 45 | 60 | 100 | 100 |
| 71ден 80ге чейин | 40 | 55 | 70 | 100 | 100 |
| 81ден 90го чейин | 60 | 70 | 80 | 100 | 100 |
| 90дон ашык | 80 | 90 | 95 | 100 | 100 |

Дем алуу жолдорунун күйүгүндө - 30%.
Баштын жана (же) моюндун күйүгүндө камсыздандыруу камсыздоо төлөмүнүн өлчөмү көбөйтүлөт:
- күйүктүн аянты дене бетинин 5%ына чейин болсо 5%га;
- күйүктүн аянты дене бетинин 5%ынан 10%ына чейин болсо 10%га.
Аралыктын күйүгүндө камсыздандыруу төлөмүнүн өлчөмү 10%га көбөйтүлөт.
1. Күйүк оорусу (күйүк шогу) - +20%.
Жабырлануучунун дене бетинин 1%ы анын алаканынын бетинин аянтына барабар.